## 2020-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Учкун” Ачык акционердик коомунун ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 11-мартындагы №06-1/212 жана 2023-жылдын 22-мартындагы №06-1/255 буйруктарына ылайык, аудитор З.А.Сатаевдин жетекчилиги алдында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мамлекеттик инспекторлору Ашыр уулу Н. жана А.Т. Тилекбеков тарабынан 2020-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата “Учкун” Ачык акционердик коомунун ишине шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жоопту тараптар жана аудит объектиси**

Бул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит объектиси "Учкун" Ачык акционердик коому (мындан ары – "Учкун" ААК) болуп саналат.

**Жоопту тараптын милдеттери**

"Учкун" ААКсынын жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкарууда жана чарбалык операцияларды аткарууда мыйзамдардын сакталышы, органга берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырылышы үчүн, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жооп берет.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети «Учкун» ААКсынын ишине жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) аудит предметинин шайкештиги боюнча өз алдынча корутундуга келүүдө турат. Аудит корутундуларды тастыктаган, жетиштүү жана тиешелүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну өз ичине камтыйт. Аткарылган аудиттин жол-жоболору бул жагдайларга туура келет. Алынган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептелет.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети укук белгилөөчү ченемдик документтерде бекитилген Коомдун ишинин Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына шайкеш келиши эсептелет.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген суроолор:

- мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунушунун аткарылышы;

- бюджеттин түзүлүшүнө жана анын аткарылышына, пайдалардын жана зыяндардын түзүлүшүнө, пайданы пайдаланууну талдоо, дивиденддердин өлчөмүнө жана аларды төлөп берүүгө аудит;

- кассалык жана банктык операцияларга аудит;

- эмгек акыны жана башка төлөмдөрдү эсептөө жана төлөө аудити;

- отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөрдүн аудити;

- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына аудит;

- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;

- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышына аудит;

- ижара мамилелеринин аудити;

- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын талдоо.

**Аудиттин критерийлери**

«Учкун» ААКсынын каражаттарынын пайдаланылышы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келишин баалоо боюнча критерийлер болуп, төмөндөгүлөр эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын "Акционердик коомдор жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2008-жылдагы №471 токтому "Иш - сапар чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө";

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 10-жылдын 2022-июнунда № 301токтому менен бекитилген "Уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдоруна таандык болгон мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын, чарбалык коомдордун сатып алууларын уюштуруунун жана жүзөгө ашыруунун типтүү тартиби";

- 2013-жылдын 17-апрелинде бекитилген "Учкун" ачык акционердик коомунун Уставы;

- «Учкун» ААКсынын башкы директору жана кызматкерлердин демилгелүү тобунун өкүлү тарабынан бекитилген «Учкун» ААКсынын администрациясы менен эмгек жамаатынын ортосундагы жамааттык келишим;

- бухгалтердик документтер жана финансылык отчеттуулук;

- коомдо колдонулуучу башка ченемдик документтер буйруктар, тескемелер ж.б.у.с.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негиз салуучу принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, негизинен, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайрадан каралган), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 19.12.2018-жылдагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык туура келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле аудит предмети бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Аудит тарабынан «Учкун» ААКсынын ишине тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ички ченемдик документтер, финансылык отчеттуулук иликтенген. Аудит объектиси берген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү.

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудит үчүн берилген документтердин, маалыматтардын, маалыматтардын жана материалдардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти "Учкун"ААКсынын жетекчилиги жана кызмат адамдары тартат.

**Аудит мезгили ичинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- *биринчи кол коюу укугу менен:* 2020-жылдын 01-январынан 2022-жылдын 22-августуна чейин директор Д. А. Кенекеев, 2022-жылдын 23-августунан азыркы учурга чейин Б. М. Султанов;
- *экинчи кол коюу укугу менен:* башкы бухгалтер Т.А. Олшанская 2020-жылдын 01-январынан 2022-жылдын 10-январына чейин, Б. Осмонбеков 2022-жылдын 10-январынан азыркы учурга чейин.

Ушул аудиттин жүрүшүндө, берилген мөөнөттүн кыскалыгына байланыштуу бардык маселелер тандалма усул менен текшерилген, ушуга байланыштуу мамлекеттик инспектор аудиттелүүчү объекттин финансылык отчеттуулугунун мүмкүн болуучу каталарын жана бузулууларын таппоо тобокел укугун өзүнө калтырат.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин негизинде биз аудит объектисинин предмети төмөндөгү маселелерди кошпогондо, бардык олуттуу аспектилерде мыйзам талаптарына жооп берерин аныктадык.

## Мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштарынын аткарылышы

**Аныкталды жана Корутунду**

"Учкун" Ачык акционердик коомундагы мурунку 2018-жылдын 1-январынан тартып 2019-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил үчүн аудиттин натыйжалуулугунун жыйынтыгы боюнча 2021-жылдын 11-мартында №01-23/36 4 пункттан турган сунуштама жөнөтүлгөн, сунуштаманын 4-пункту жарым-жартылай аткарылган.

**Сунуш**

Мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштамасынын 4-пунктун аткаруу боюнча чаралар көрүлсүн.

## Аудит объектисинин кыскача мүнөздөмөсү

Коом мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жак болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган иштин ар кандай түрүн жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон жарандык укуктарга жана милдеттерге ээ.

Коомдун ишинин негизги максаты киреше алуу болуп саналат.

Коом иштин төмөнкүдөй негизги түрлөрүн жүзөгө ашырат:

- газета-журнал, китеп, мамлекеттик маанидеги документтерди, атайын мамлекеттик бланктарды, сүрөт, этикетка продукцияларын, маданий-тиричилик багытындагы башка басма товарларын, өндүрүш калдыктарынан кеңири керектелүүчү буюмдарды, жарнамалык, маалымдама, методикалык, маалыматтык материалдарды даярдоо жана сатуу;
- полиграфиялык кызматтарды көрсөтүү;
- соода-сатып алуу жана ортомчулук иши;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган ар кандай башка иштер.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022- жылдын 1-августундагы №437 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондго таандык болгон "Учкун" ААК акцияларынын 2 435 714 даана санындагы мамлекеттик пакети Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына өткөрүлүп берилген.

Коом тарабынан иштин бардык түрлөрү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жана лицензияланууга тийиш болгон иштин түрлөрүнө тиешелүү министрликтер жана ведомстволор тарабынан берилген лицензиялардын негизинде жүзөгө ашырылат.

Полиграфиялык кызмат көрсөтүүлөргө калькуляцияны башкы директордун орун басары К.Алиев тарабынан 2019-жылы бекителген. 2022-жылдын 01-октябрында жаңы калькуляция кайра каралып бекитилген. Жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрүнө жараша калькуляцияга төмөнкүлөр кирет: негизги материалдык чыгымдар (материалга жараша), көмөкчү материалдык чыгымдар (13,6%), негизги

эмгек акы, мамлекеттик социалдык камсыздандырууга чегерүүлөр (17,25%), цехтик чыгымдар (20%), жалпы басылма чыгымдар (25%) жана бекитилген пайда (25%). Цехтин чыгымдарына төмөнкүлөр кирет: цехтин башкаруу аппаратын кармоо, цехтин башка персоналын кармоо, имараттарды жана жабдууларды аммортизациялоо ж.б. у. с. Жалпы басылма чыгымдарына: бүткүл басмакананын иши менен байланышкан чыгымдар кирет.

## Коомдун акцияларынын шайкештигинин аудити

**Аныкталды**

Коомдун бардык акциялары документтик эмес формада чыгарылат жана эсептерде жазуу түрүндө жүгүртүлөт. Коомдун акциялары "Статус – регистр" ЖЧКсында катталган.

Уставга ылайык, коомдун уставдык капиталы 44 978 400 (кырк төрт миллион тогуз жүз жетимиш сегиз миң төрт жүз) сомду түзөт жана 3 148 491 (үч миллион жүз кырк сегиз миң төрт жүз токсон бир) нускадагы жөнөкөй энчилүү акцияларга ээ.

Бирок, "Статус – регистр" ЖЧКнын реестр кармоочусунун маалыматтары боюнча 01.01.2023-жылга карата Коом 2 993 707 (эки миллион тогуз жүз токсон үч миң жети жүз жети) жөнөкөй жана 154 784 (жүз элүү төрт миң жети жүз сексен төрт) привилегиялуу акцияларга ээ, жайгаштыруу баасы 14,2857 сом, жалпы суммасы 44 978 400 (кырк төрт миллион тогуз жүз жетимиш сегиз миң төрт жүз) сом. Акциялар төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

| **№** | **Акционеры** | **Акционерлердин саны** | **Жөнөкөй акцияларын саны** | **капиталдын үлүшү (%)** | **привилегиялуу акциялардын саны** | **капиталдын үлүшү (%)** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **I.** | **Юридикалык жактар, алардын ичинен:** | **5** | **2 765 064** | **87,822** | **861** | **0,027** |
| **1** | “Заман”ЖАК | | 210 | 0,007 | | |
| **2** | “Мастерфайбр” ЖЧК | | 1 | 0,000 | | |
| **3** | Социальный фонд КР | | 251 879 | 8,000 | | |
| **4** | КРнын Президентинин Иш башкармалыгы | | 2 435 714 | 77,361 | | |
| **5** | "Кыргызстан фондулук биржасы – БТС" ЖАК (номиналдуу кармоочу) | | 77 260 | 2,454 | 861 | 0,027 |
| **II** | ***Жеке жактар*** | **625** | **228 643** | **7,262** | **153 923** | **4,889** |

Бардыгы-630 акционер.

Белгилей кетсек, «Учкун» ААКсынын привилегиялуу акцияларын жөнөкөй акцияларга айландыруу жөнүндө чечим акционерлердин жалпы чогулушунда 2021-жылдын 21-апрелинде кабыл алынган. Коом 14.02.2022-жылы №1-37 жана 05.08.2022-жылы №1-212 каттары менен Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматына кайрылган, бирок аталган министрлик 26.10.2022-жылдагы №14/1824

катынын негизинде привилегиялуу акцияларды жөнөкөй акцияга конвертациялоодон баш тартылган жана кайра иштеп чыгууга кайтарылган. Бүгүнкү күнгө чейин бул маселе чечиле элек.

**Корутунду**

Коомдун маалыматы боюнча жөнөкөй аталыштагы акциялардын саны 3 148 491 (үч миллион жүз кырк сегиз миң төрт жүз токсон бир) нусканы түзөт, ал эми "Статус – реестр" ЖЧКнын реестр кармоочусунун маалыматы боюнча иш жүзүндө 2 993 707 (эки миллион тогуз жүз токсон үч миң жети жүз жети) жөнөкөй жана 154 784 (жүз элүү төрт миң жети жүз сексен төрт) привилегиялуу акцияларды түзөт.

**Сунуштама**

**А**кциялардын саны «Учкун» ААКсынын уставынын 5.3-пунктуна ылайык келтирилсин.

**2020-2022-жылдар аралыгында өндүрүштүк пландардын аткарылышы**

Аудиттин жүрүшүндө Коомдун 2020-жылдан 2022-жылга чейинки стратегиялык өнүгүү планы аудитке берилген эмес. Аудит объектисинин түшүндүрмөлөрүнө ылайык аталган план иштелип чыккан эмес жана тиешелүү түрдө жок.

**2020-жылга бюджеттин аткарылышы**

«Учкун» ААКсынын 2020-жылга бюджети КОВИД-19 пандемиясына байланыштуу кирешелерди түзөтүүнү эске алуу менен 76 882,3 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде:

- Сатуудан түшкөн каражат-49 870,0 миң сом;
- Операциялык иштен башка кирешелер-27 012,3 миң сом.

«Учкун» ААКсынын 2020-жылга бюджети пандемияга байланыштуу чыгымдарды түзөтүүнү эске алуу менен 70 948,4 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде:

1. Операциялык чыгымдар - 45 298,7 миң сом;
2. Башка операциялык чыгымдар - 5 550,0 миң сом;
3. Административдик чыгымдар - 18 099,7 миң сом;
4. Салыктар (пайда салыгын эсепке албаганда) - 2 000,0 миң сом;
5. Салык төлөнгөнгө чейинки пайда – 5 933,9 миң сом жана пайда салыгы 593,4 миң сом суммасында бекитилген.

2020-жылдын бюджетине ылайык 5 340,5 миң сом суммасында киреше алуу пландаштырылган. Капиталдык салым 11 219,5 миң сом суммасында бекитилген.

Аудитке берилген №2 формасы" Финансы-чарбалык иштин жыйынтыктары жөнүндө " отчетуна ылайык бюджеттин иш жүзүндө аткарылышы 2020-жылга 104 993,8 миң сомду түзгөн, б. а. 136,6%-га аткарылган, анын ичинде:

- Сатуудан түшкөн каражат - 65 846,3 миң сом, б.а. 132,0%-га аткарылган. Сатылган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк

наркы 59 759,1 миң сомду түзгөн. Дүң киреше 6 087,2 миң сомду түзгөн;

- Операциялык иштерден түшкөн башка кирешелер - 39 147,5 миң сом, б.а. 144,9%-га аткарылган. Операциялык иштен башка чыгашалар - 5 374,2 миң сом. Башка Операциялык иштерден түшкөн кирешелердин жыйынтыгы 33 773,3 миң сомду түзгөн;
- Операциялык чыгымдар - 23 240,6 миң сом;
- Операциялык эмес иштерден чыгымдар-692,4 миң сом (терс көрсөткүч);
- Салыкты эсептен чыгарганга чейинки пайда -19 927,5 миң сом;
- Пайда салыгы боюнча чыгашалар - 1 367,3 миң сом.

2020-жыл үчүн Коомдун таза пайдасы 14 560,2 миң сомду түзгөн, ал акционерлердин жалпы чогулушунун чечими менен (№32-протокол 21.04.2021-ж.) төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

- дивиденддерди төлөөгө (таза пайдадан 25%) - 3 640,0 миң сом;
- Коомду өнүктүрүүгө - 10 920,1 миң сом.

**Аныкталды жана Корутунду**

2020-жылга бюджетти түзүүдө 2019-жылдагы бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышы эске алынган эмес, б.а. 2019-жылга бюджеттин киреше бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышы 89 544,69 миң сомду түзгөн, ал эми 2020-жылга 76 882,3 миң сом суммасында каралган, 2019-жылдын фактысынан четтөө 12 662,3 миң сом суммасында болгон. Аудитке 2020-жылга өндүрүштүк план, пландык көрсөткүчтөрү боюнча бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча эсептөөлөр берилген эмес. Бирок, 2020-жылга бюджет КОВИД-19 пандемиясынын кесепеттерин эске алуу менен «Учкун» ААКсынын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунун 26.06.2020-жылдагы протоколу менен бекитилген жана таризделген.

**Сунуш**

- Тиешелүү финансылык жылга бюджетти бекитүүдө өткөн жыл үчүн бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн иш жүзүндө аткарылышы эске алынсын.
- Жыл сайын өндүрүштүк планды жана пландык көрсөткүчтөр боюнча бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча эсептөөлөр түзүлсүн.

**Кассалык операциялардын аудити**

2020-жылдын 01-январына карата Коомдун кассасындагы акча каражаттарынын калдыгы 1 297,1 миң сомду түзгөн. 2020-жылы кассага 23 008,0 миң сом суммасында накталай акча каражаттары келип түшкөн. 2020-жылы кассадан 24 305,1 миң сом суммасында накталай акча каражаты берилген.

**Банктык операциялардын аудити**

2020-жылы акча операцияларын жүргүзүү үчүн төмөнкү алыш-бериш эсептери иштеген:

1. улуттук валютада (сом):

- 1170703532400244 "ЭкоИсламикБанк-Центр" ФБА, Бишкек ш., БИК 117002;

- 1360040000446739 "Керемет Банк-Чүй" ФАО, Бишкек ш., БИК 136001;

- 1360043000090907 "Керемет Банк-Чүй" ФАО, Бишкек ш., БИК 136001;

- 1360043000581765 "Керемет Банк-Чүй" ААКФ, Бишкек ш., БИК 136001.

2020-жылдын 01-январына карата эсептешүү эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы 1 432,3 миң сомду түзгөн, 2020-жылы улуттук валютада (сом) 120 450,7 миң сом суммасында акча каражаттары келип түшкөн жана 121 460,7 миң сом чыгымдалган, 2020-жылдын 31-декабрына карата калдык 422,2 миң сомду түзгөн.

2. чет элдик валютада (росс.рубль жана АКШ доллары, бирок сом эквивалентинде эсепке алынат):

- KG16ECBI002000703532 "ЭкоИсламикБанк-центр" ФБА, Бишкек ш., БИК 117002;

-1360043000091008 "Керемет Банк-Чүй" ААКФ, Бишкек ш., БИК 136001.

2020-жылдын жыйынтыгы менен чет өлкө валютасында сом эквивалентинде 4 961,4 миң сом суммасында акча каражаты келип түшкөн жана 4 961,4 миң сом сарпталган. 2020-жылдын 31-декабрына карата калдык жок.

**Штаттык ыраатаманын жана кызматкерлердин эмгек акысынын аудити**

«Учкун» ААКсынын 2020-жылга карата штаттык ыраатамасы «Учкун» ААКсынын башкы директорунун 2019-жылдын 19-декабрындагы №131 буйругу менен бекитилген, штаттык саны 190 бирдик, анын ичинде административдик башкаруу кызматкерлери 24,5 бирдик. 31.12.2020-жылга карата өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен штаттык саны 186 бирдикти түзгөн.

01.01.2020-жылга карата иштегендердин иш жүзүндөгү саны 152 кызматкерди түзгөн, 2020-жылы 57 кызматкер кабыл алынган жана 51 кызматкер иштен кеткен, 31.12.2020-жылга карата иштегендердин иш жүзүндөгү саны 158 кызматкерди түзгөн.

«Учкун» ААКсынын 2020-жылга бюджетинде КОВИД-19 пандемиясына байланыштуу кирешелерди корректировкалоону эске алуу менен "Эмгек акы төлөө фонду" беренеси 30 400,0 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде:

- операциялык чыгымдардын курамында (өндүрүштүк чыгымдар) 19 200,0 миң сом суммасында;

- административдик чыгымдардын курамында 11200,0 миң сом суммасында.

Иш жүзүндөгү чыгымдар 34 316,0 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- операциялык чыгымдардын курамында (өндүрүштүк чыгымдар) 22 220,4 миң сом суммасында;

- административдик чыгымдардын курамында 12 095,6 миң сом суммасында.

Иш жүзүндөгү чыгашалардын пландык суммадан 3 916,0 миң сом суммасында ашып кетиши өндүрүштүк көрсөткүчтөрдүн жана тиешелүү түрдө кирешелердин көбөйүшүнө байланыштуу болгон.

01.01.2020 - жылга карата "Эмгек акы төлөө фонду" беренеси кредитордук карыз - 915,6 миң сомду, 31.12.2020-жылга карата - 918,6 миң сомду түзгөн. 01.01.2020-жылга жана 31.12.2020-жылга карата "Эмгек акы төлөө фонду" беренеси дебитордук карыз жок.

**Отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөрдүн аудити**

«Учкун» ААКсынын 2020-жылга бюджетинде пандемияга байланыштуу чыгымдарды корректировкалоону эске алуу менен "Административдик чыгымдардын" курамында:

- иш сапар  чыгымдарына – 200,0 миң сом;
- өкүлчүлүк чыгымдарга-150,0 миң сом өлчөмүндө каралган.

01.01.2020-жылга карата отчет берүүчү жактар боюнча дебитордук жана кредитордук карыздар жок.

2020-жылы кассадан отчет берүүчү адамдарга 2 579,3 миң сом суммасында акча каражаты берилген.

**Аныкталды**

2020-жылы иш сапар чыгымдарына берилген 28,7 миң сом суммасында акча каражаттары 16 аванстык отчет боюнча (№11,21,27,61,88,103,111,112, 113,114,115,124,136,146,161,179) ырастоочу иш-кагаздарысыз эсептен чыгарылган. Аванстык отчеттордо иш сапарда болгондугун ырастаган, иш сапарга  жиберилген адамдын келген жана кеткен датасы көрсөтүлгөн иш сапар  ырастамалар тиркелген эмес.

**Корутунду**

Тапшырылган 16 аванстык отчет боюнча кызматкердин иш сапарда жүргөнүн тастыктоочу иш сапар күбөлүгү тиркелген эмес.

**Сунуштама**

Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана акча каражаттарды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактоо камсыз кылынсын.

**Аныкталды**

2020-жыл үчүн кассадан өкүлчүлүк чыгамдарына 184,0 миң сом суммасында акча каражаттары берилген, анын ичинен 47,2 миң сом суммасында 9 авансалык отчеттор тастыктоочу документтерди бербестен эсептен чыгарылган, б.а. өкүлчүлүк чыгашаларга эсептен чыгаруу актылары

тиркелген эмес (№16,22,29,32,64,79,108,122,196).

**Корутунду**

Отчет берүүчү адамдардан аванстык очетторду кабыл алууда жана акча каражаттарды эсептен чыгарууда Кoом тарабынан Коомдун Эсеп саясатынын талаптары сакталган эмес, б.а. тастыктоочу документтер берилбестен 47,2 миң сом суммасындагы өкүлчүлүк чыгымдар эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана акча каражаттарды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактоо камсыз кылынсын.

- 47,2 миң сом суммасында өкүлчүлүк чыгымдар боюнча тастыктоочу документтерди бербестен отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууга жана акча каражаттарды эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

2020-жылы кассадан товардык-материалдык баалуулуктарды (ТМБ) сатып алууга 1 663,7 миң сом суммасында акча каражаты берилген. Бирок, 13 аванстык отчетто 129,6 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаттарына сатылып алынган медициналык багытындагы буюмдарга тастыктоочу документтер тапшырылбастан эсептен чыгарылган, б.а. эсептен чыгаруу актылары түзүлгөн эмес (№№35,46,56,63,65,68,72,75,81,87,119,140,197).

**Корутунду**

Отчет берген адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана ТМБды эсептен чыгарууда Коомдун эсепке алуу саясатынын талаптары сакталган эмес. Ошентип, 129,6 миң сом суммасына ТМБлар тастыктоочу документтерсиз эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактоо камсыз кылынсын.

- Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактабастан, отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууга жана 129,6 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Дебитордук жана кредитордук карыздардын аудити**

01.01.2020-жылга карата бухгалтердик эсеп боюнча 26 389,0 миң сом суммасында дебитордук карыз эсептелген. Жыл ичинде дебитордук карыздын суммасы 8 296,1 миң сомго көбөйгөн жана 31.12.2020-жылга карата дебитордук карыздын суммасы 34 685,1 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле, 31.12.2020-жылга карата бухгалтердик эсепте "Узак мөөнөттүү инвестициялар" эсебинде 1 034,0 миң сом суммасы катталган, ал "КООРТ" ЖТАКна узак мөөнөттүү салым катары көрсөтүлгөн. Жыл ичинде бул сумма өзгөргөн эмес, башкача айтканда, эсептөө боюнча эч кандай кыймыл жасалган эмес. Айта кетүүчү жагдай аталган дебитордук карыздар

боюнча аудитке тастыктоочу документтер берилген эмес.

01.01.2020-жылга карата бухгалтердик эсепте 21 213,0 миң сом суммасында кредитордук карыз болгон. Жыл ичинде кредитордук карыздын суммасы 1 965,3 миң сомго көбөйгөн жана 31.12.2020-жылга карата 23 178,3 миң сомду түзгөн. Кредитордук карыздар учурдагы болуп саналат.

**Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын аудити**

01.01.2020-жылга карата Коомдун балансында баштапкы баланстык наркы жалпы суммасы 4 693,0 миң сомду түзгөн негизги каражаттар болгон. 2020-жылдын ичинде 895,0 миң сом суммасында негизги каражаттар келип түшкөн, 36,8 миң сом суммасында негизги каражаттар эсептен чыгарылды, 2020-жылы топтолгон амортизациянын суммасы 1 240,2 миң сомду түзгөн. 31.12.2020-жылга карата негизги каражаттардын калдык наркы бардыгы болуп 4 311,0 миң сомду түзгөн.

01.01.2020-жылга карата "Көмөкчү материалдардын запастары" эсеби боюнча ТМБдын калдыгы 473,1 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде 1 593,4 миң сом суммасында ТМБтар келип түшүп, 1 289,8 миң сом сарпталган. 31.12.2020-жылга карата ТМбдын калдыгы 776,7 миң сомду түзгөн. 01.12.2020 - жылга карата аудит объектиси тарабынан жүргүзүлгөн негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоодо кем чыгуулар жана ашыкча чыгуулар аныкталган эмес.

**Транспорт каражаттарын пайдалануусунун аудити**

01.01.2020-жылга карата Коомдун балансында "Транспорт каражаттары" эсеби боюнча 3 102,3 миң сом суммасында транспорт каражаттары болгон жана "Транспорт каражаттарынын чегерилген амортизациясы" эсеби боюнча амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы 2 820,3 миң сомду түзгөн.

2020-жылдын 18- мартында №29 сатып алуу-сатуу келишимине жана сатып алуу боюнча конкурстук комиссиянын 2020-жылдын 18- мартындагы чечимине ылайык түздөн-түз келишим түзүү ыкмасы менен жеке жактан кызматтык пайдалануу үчүн 2011-жылы чыккан Subaru Outbek автомашинасы накталай эсептешүү үчүн 875,0 миң сом суммасына сатылып алынган.

2020-жылы 2 111,8 миң сом суммасындагы транспорт каражаттары баланстан чыгарылган, анын ичинде:

- өткөрүлгөн аукциондун жыйынтыгы боюнча (№3 протокол 22.02.2020 – ж.) Лексус LX 470, 1999 –жылы чыгарылган автомашинасы (баланстык наркы 1 410,4 миң сом, амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы-100%) жеке адамга 565,8 миң сом суммасына 2020-жылдын 24-февралындагы №19-А буйругуна жана накталай эсептешүү үчүн сатып алуу-сатуу келишими ылайык сатылган;

- 17.09.2012-жылдагы №189 буйругуна жана Бишкек шаарынын Ленин сотунун №СГ-40119Б1 21.05.2019-жылдагы аныктамасына ылайык Мерседес-Бенц автомашинасы баланстык наркы 701,5 миң сом,

амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы-100%, жеке адамга 93,0 миң сом суммасында сатылган, туумду эске алуу менен Ленин сотунун аныктамасы менен жеке адамдан 186,0 миң сом суммасында өндүрүлгөн жана төлөнгөн акча каражаты Коомдун кассасына түшкөн.

01.01.2021-жылга карата Коомдун балансында "Транспорт каражаттары" эсеби боюнча транспорт каражаттары 1 865,4 миң сом суммасында болгон жана "Транспорт каражаттарынын чегерилген амортизациясы" эсеби боюнча амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы 980,1 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды**

2020-жылы запастык тетиктерди сатып алууга, автотранспорт каражаттарын оңдоого жана тейлөөгө 267,1 миң сом суммасында акча каражаты сарпталган жана төмөнкү ишканаларга акча каражаттары которулган:

- "Контора" ЖЧКсына - 140,0 миң сом автомашинаны учурдагы оңдоо үчүн;
- "Беллигер" ЖЧКсына - 127,1 миң сом автомашинаны оңдоо жана техникалык тейлөө үчүн.

Аудитке дефектүү актылары жана аткарылган иштердин актылары (орнотуу актылары) берилген жок.

**Корутунду**

Отчет берүүчү адамдардан аванстык очетторду кабыл алууда жана-автомашинаны оңдоого жана техникалык тейлөөгө кеткен чыгымдарын эсептен чыгарууда Коом тарабынан Коомдун Эсеп саясатынын талаптары сакталган эмес, б.а. автомашинаны оңдоодо жана техникалык тейлөөдө дефекттик актылар жана аткарылган иштердин актылары (орнотмолордун актылары) жок 267,1 миң сом суммасындагы акча каражаты эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Отчет берүүчү адамдардан аванстык очетторду кабыл алууда жана автомашинаны оңдоого жана техникалык тейлөөгө кеткен чыгымдарын эсептен чыгарууда Коомдун Эсепке алуу саясатынын талаптары сакталсын.
- Тастыктоочу документтери: дефекттик актылар жана аткарылган иштердин актылары (орнотмолордун актылары) жок болгондугуна карабастан автомашинаны оңдоо жана техникалык тейлөө үчүн 267,1 миң сомдук чыгымдарды эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

## 2021-жылдын бюджетинин аткарылышы

«Учкун» ААКсынын 2021-жылга бюджетинин киреше бөлүгү 100 756,9 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде:

- Сатуудан түшкөн каражат-63 844,0 миң сом;
- Операциялык иштерден башка кирешелер-36 912,9 миң сом.

«Учкун» ААКсынын 2021-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү 89 540,8

миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде:

1. Операциялык чыгымдар – 61 580,1 миң сом;

2. Башка операциялык чыгымдар-5 550,0 миң сом;

3. Административдик чыгымдар – 20 410,7 миң сом,

4. Салыктар (пайдага салыкты эсепке албаганда) – 2 000,0 миң сом.

Салык төлөнгөнгө чейинки пайда – 11 217,8 миң сом жана пайда салыгы 593,4 миң сом суммасында бекитилген.

2021-жылга 10 096,0 миң сом суммасында пайда алуу пландаштырылган.

Капиталдык салым 19 050,0 миң сом суммасында бекитилген.

2021-жыл үчүн №2 формасы "Финансы-чарбалык иштин жыйынтыктары жөнүндө" берилген отчетко ылайык бюджеттин иш жүзүндө аткарылышы 164 662,2 миң сомду түзгөн, б. а. 163,4%-га аткарылды, анын ичинде:

- Сатуудан түшкөн каражат – 117 170,8 миң сом, б.а. 183,5%-га аткарылган. Сатылган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркы 97 200,2 миң сомду түзгөн. Дүң киреше 19 970,5 миң сомду түзгөн;

- Операциялык иштерден башка кирешелер-47 491,5 миң сом, б.а. 128,7%-га аткарылган. Операциялык иштен башка чыгашалар-6 633,2 миң сом. Башка Операциялык иштерден түшкөн кирешелердин жыйынтыгы 40 858,3 миң сомду түзгөн;

- Операциялык чыгымдар - 38 327,7 миң сом;

- Операциялык эмес иштерден чыгымдар-4 520,3 миң сом (терс);

- Салыктарды эсептен чыгарганга чейинки пайда - 17 980,8 миң сом;

- Пайдага салык боюнча чыгымдар - 2 328,0 миң сом.

2021-жыл үчүн Коомдун таза пайдасы 15 652,8 миң сомду түзгөн, ал акционерлердин жалпы чогулушунун чечими менен (32-протокол 21.04.2020-ж.) төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

- Дивиденддерди төлөөгө 4 000,0 миң сом (таза пайдадан 25,555%);

- Коомду өнүктүрүүгө 11652,8 миң сом.

**Аныкталды жана Корутунду**

2021-жылга бюджетти түзүүдө 2020-жылга бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышы эсепке алынган эмес, б.а. 2020-жылга бюджеттин киреше бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышы 105 083,8 миң сомду түзгөн, ал эми 2021-жылга 100 756,9 миң сом суммасында каралган, 2020-жылга фактыдан четтөө 4 3296,9 миң сом суммасында аныкталган. Аудитке 2021-жылга өндүрүштүк план, пландык көрсөткүчтөрү менен бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча эсептөөлөр берилген эмес. Бирок, 2021-жылга бюджет «Учкун» ААКсынын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунун 21.04.2021-жылдагы протоколу менен бекитилген.

**Сунуштама**

- Тиешелүү финансылык жылга бюджетти бекитүүдө өткөн жыл үчүн бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн иш жүзүндө аткарылышы эске алынсын.

- Жыл сайын өндүрүштүк планды жана пландык көрсөткүчтөр боюнча бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча эсептөөлөр түзүлсүн.

**Кассалык операциялардын аудити**

01.01.2021-жылга карата Коомдун кассасындагы акча каражаттарынын калдыгы 2 909,5 миң сомду түзгөн. 2021-жылы кассага 18 125,4 миң сом суммасында накталай акча каражаттары келип түшкөн жана 18 191,1 миң сом суммасында накталай акча каражаттары берилген. 31.12.2021-жылга карата кассадагы калдык 2 843,9 миң сомду түзгөн.

**Банктык операциялардын аудити**

2021-жылы акча операцияларын жүргүзүү үчүн төмөнкү алыш-бериш эсептери иштеген:

1. улуттук валютада (сом):

- 1170703532400244 "ЭкоИсламикБанк-Центр" ФБА, Бишкек ш., БИК 117002;

-1360040000446739 "Керемет Банк-Чүй" ФАО, Бишкек ш., БИК 136001;

- 360043000090907 "Керемет Банк-Чүй" ФАО, Бишкек ш., БИК 136001;

- 1360043000581765 "Керемет Банк-Чүй" ААКФ, Бишкек ш., БИК 136001.

01.01.2021-жылга карата акча каражаттарынын калдыгы 422,2 миң сомду түзгөн. 2021-жылы улуттук валютада (сом) 186 765,9 миң сом суммасында акча каражаты келип түшкөн жана 174 679,4 миң сомго сарпталды. 31.12.2021-жылга карата калдык 12 508,7 миң сомду түзгөн.

2. чет элдик валютада (росс.рубль жана АКШ долларын түзөт, бирок сом эквивалентинде эсептелет):

- KG16ECBI002000703532"ЭкоИсламикБанк-центр" ФБА, Бишкек ш., БИК 117002;

- 1360043000091008 "Керемет Банк-Чүй" ФАО, Бишкек ш., БИК 136001.

2021-жылы чет элдик валютада (сом эквивалентинде) 2 727,1 миң сом суммасында акча каражаты келип түшкөн жана 2 333,9 миң сом сарпталган. 31.12.2021-жылга карата калдык 393,2 миң сомду түзгөн.

**Кызматкерлердин эмгек акысын жана башка жөлөк пулдарды текшерүү**

«Учкун» ААКсынын 2021-жылга карата штаттык ырааттамасы «Учкун» ААКсынын Башкы директорунун 04.01.2021-жылдагы №01 буйругу менен бекитилген, штаттык саны 186 бирдик, анын ичинде административдик башкаруу кызматкерлери 23,5 бирдик. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен 2021-жылдын ичинде 31.12.2021-жылга карата штаттык сан 168,5 бирдикти түзгөн.

01.01.2021-жылга карата иштегендердин иш жүзүндөгү саны 158 кызматкерди түзгөн, 2021-жылы 32 кызматкер кабыл алынган жана 42

кызматкер иштен кеткен, 31.12.2021-жылга карата иштегендердин иш жүзүндөгү саны 148 кызматкерди түзгөн.

«Учкун» ААКсынын 2021-жылга бюджетинде "Эмгек акы төлөө фонду" беренеси боюнча 36 904,7 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде:

- операциялык чыгымдардын курамында (өндүрүштүк чыгымдар) 23 969,8 миң сом суммасында;
- административдик чыгымдардын курамында 12 934,9 миң сом суммасында.

Иш жүзүндөгү чыгымдар 55 838,4 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- операциялык чыгымдардын курамында (өндүрүштүк чыгымдар) 35 872,2 миң сом суммасында;
- административдик чыгымдардын курамында 19 966,2 миң сом суммасында.

Иш жүзүндөгү чыгашалардын пландык чыгашалардан ашып кетиши 01.03.2021-жылдагы №43-А ОД жана 30.04.2021-жылдагы №83 буйруктарына ылайык маяналар жана тарифтик ставкалар 10%га жогорулагандыгы менен түшүндүрүлөт.

01.01.2021-жылга жана 31.12.2021-жылга карата "Эмгек акы төлөө фонду" беренеси боюнча дебитордук карыз жок.

01.01.2021 - жылга карата "Эмгек акы төлөө фонду" беренеси боюнча кредитордук карыз 915,6 миң сомду, 31.12.2021-жылга карата 918,6 миң сомду түзгөн.

**Отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөрдүн аудити**

**"**Учкун" ААКсынын 2021-жылга бюджетинде КОВИД-19 пандемиясына байланыштуу чыгымдарды түзөтүүлөрдү эске алуу менен "Административдик чыгымдардын "курамында:

- иш сапар  чыгымдарына – 200,0 миң сом;
- өкүлчүлүк чыгымдарына -150,0 миң сом бекитилген.

2021-жылы кассадан отчетту берүүчү жактарга 2 026,5 миң сом суммасында акча каражаты берилген. 31.12.2021-жылга карата отчетту берүүчү жактарга дебитордук жана кредитордук карыздар жок.

**Аныкталды**

Төмөнкү авансттык отчеттор  боюнча №04 12.01.2021-ж., №21 05.02.2021-ж., №22 05.02.2021-ж. 3,1 миң сом суммасында иш сапар чыгымдарына берилген акча каражаттары тастыктоочу документтерсиз эсептен чыгарылган. Авансттык отчеттордо иш сапарда болгондугун ырастаган, иш сапарга жиберилген адамдын келген жана кеткен датасы көрсөтүлгөн иш сапар күбөлүгү тиркелген эмес.

**Корутунду**

Тапшырылган 3 авансттык отчет боюнча кызматкердин иш сапарда

жүргөндүгүн тастыктоочу иш сапар күбөлүгү тиркелген эмес.

**Сунуштама**

Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана акча каражаттарды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактоо камсыз кылынсын.

**Аныкталды**

2021-жылга кассадан өкүлчүлүк чыгымдарына 378,8 миң сом суммасындагы акча каражаты берилген, анын ичинен 139,2 миң сомдук авансылык отчеттору тастыктоочу документтерди тапшырылбастан эсептен чыгарылган, б.а. өкүлчүлүк чыгымдарын эсептен чыгаруу актылары тапшырылган эмес (аванстык отчеттор 02.02.21-ж. №14, 16.03.21-ж. №41, 19.04.21-ж. №51, 27.08.21-ж. №98., 20.09.21-ж. №101, 18.11.21-ж. №128, 21.11.21-ж. №129, 29.12.21-ж. №142).

**Корутунду**

Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана акча каражаттарын эсептен чыгарууда Коомдун Эсепке алуу саясатынын талаптары сакталган эмес, б.а. тастыктоочу документтер тапшырылбастан 139,2 миң сом суммасындагы өкүлчүлүк чыгымдары эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана акча каражаттарды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактоо камсыз кылынсын.
- 139,2 миң сом суммасында өкүлчүлүк чыгымдар боюнча тастыктоочу документтерди бербестен отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууга жана акча каражаттарды эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

2021-жыл үчүн кассадан товардык-материалдык баалуулуктарды (ТМБ) сатып алууга 1 425,6 миң сом суммасында акча каражаттары берилген, анын ичинен 108,9 миң сом суммасындагы авансылык отчеттор тастыктоочу документтерди бербестен эсептен чыгарылган, б.а. пандемия учурунда сатып алынган медициналык багыттагы буюмдарга эсептен чыгаруу актысы камтылган эмес (аванстык отчеттор №90 19.08.2021-ж., №113 14.10.2021-ж., .№140 24.12.2021-ж).

**Корутунду**

Отчет берген адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана ТМБды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптары сакталган эмес. Ошентип, ТМБтар 108,9 миң сом суммасына тастыктоочу документтерди тапшырылбастан эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактоо камсыз кылынсын.
- Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактабастан, отчет берүүчү

адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууга жана 108,9 миң сомдук товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

2021-жыл үчүн жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кассадан 169,7 миң сом суммасында акча каражаты берилген, анын ичинен 10,0 миң сом суммасында авансалык отчет тастыктоочу документтерди бербестен эсептен чыгарылган, б. а. 3 принтерди оңдоого 10,0 миң сом суммасында аткарылган иштердин актылары тиркелген эмес.

**Корутунду**

Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана кызматтарды алууга кеткен чыгымдарын эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптары сакталган эмес. Ошентип, тастыктоочу документтерди бербестен кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдар 10,0 миң сом суммасында эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана кызматтарды алууга кеткен чыгымдарын эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактоо камсыз кылынсын.

- Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактабастан отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууга жана 10,0 миң сомдук кызматтарды алууга кеткен чыгымдарын эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Дебитордук жана кредитордук карыздардын аудити**

01.01.2021-жылга карата бухгалтердик эсеп боюнча 34 685,1 миң сом суммасында дебитордук карыз болгон. Жыл ичинде дебитордук карыздын суммасы 9 589,4 миң сомго азайган жана 31.12.2021-жылга карата дебитордук карыздын суммасы 25 095,7 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле, 31.12.2021-жылга карата бухгалтердик эсепте "Узак мөөнөттүү инвестициялар" эсебинде 1 034,0 миң сом суммасы катталган, ал "КООРТ" ЖТАКна узак мөөнөттүү салым катары көрсөтүлгөн. Жыл ичинде бул сумма өзгөргөн эмес, башкача айтканда, эсептөө боюнча эч кандай кыймыл жасалган эмес. Айта кетүүчү жагдай аталган дебитордук карыздар боюнча аудитке тастыктоочу документтер берилген эмес.

31.12.2021-жылга карата кредитордук карыздар 23 178,3 миң сомду түзгөн, ал учурдагы болуп саналат.

**Транспорт каражаттарын пайдалануу аудити**

01.01.2021-жылга карата Коомдун балансында "Транспорт каражаттары" эсеби боюнча 1 865,4 миң сом суммасында транспорт каражаттары жана "Транспорт каражаттарынын чегерилген амортизациясы" эсеби боюнча амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы 980,1 миң сомду түзгөн.

2021-жылдын 16-мартындагы №18 келишимине жана "Учкун" ААКынын конкурстук комиссиясынын 2021-жылдын 17 -мартындагы чечимине ылайык жеке ишкер Л.В. Блашкевичтен түз келишим түзүү ыкмасы

менен Газ-САЗ 3507, 1988-ж. ч. автомашинасын накталай эсептешүү менен 230,0 миң сом суммасында сатылып алынган.

2021-жылы 449,4 миң сом суммасындагы транспорт каражаттары баланстан чыгарылды, анын ичинде:

– өткөрүлгөн аукциондун жыйынтыгы боюнча (№3-протокол 25.02.2021-ж.) ЗИЛ мм 3555, 1986-ж. в. автомашинасы (баланстык наркы 17,4 миң сом, амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы-100%) жеке адам Б.Т. Кутпидиновго 77,0 миң сом суммасына 26.02.2021-жылдагы №19-А буйрукка жана 25.02.2021-жылдагы №13 сатып алуу-сатуу келишимине ылайык накталай эсептешүү жолу менен сатылган;

- өткөрүлгөн аукциондун жыйынтыгы боюнча (№3-протокол 12.03.2021-ж.) Ваз 21074автомашинасы, 2004 – ж. в. (баланстык наркы 189,0 миң сом, амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы-100%) жеке адам Б.Т. Кутпидиновго 32,0 миң сом суммасына 15.03.2021-жылдын №55 буйругуна жана 16.03.2021-жылдын транспорт каражатын сатып алуу-сатуу №29 келишимине ылайык накталай эсептешүү жолу менен сатылган;

- өткөрүлгөн аукциондун жыйынтыгы боюнча (№3-протокол 12.03.2021-ж.) РАФ 2203-01автомашинасы, 1992-ж. в. (баланстык наркы 243,0 миң сом, амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы-100%) жеке адам Б.Т. Кутпидиновго 6,5 миң сом суммасына 15.03.2021-жылдын №55 буйругуна жана 16.03.2021-жылдын №30 транспорт каражатын сатып алуу-сатуу келишимине ылайык накталай эсептешүү жолу менен сатылган.

01.01.2022-жылга карата Коомдун балансында "Транспорт каражаттары" эсеби боюнча 1 604,1 миң сом суммасында транспорт каражаттары жана "Транспорт каражаттарынын чегерилген амортизациясы" эсеби боюнча амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы 643,7 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды**

2021-жылы запастык бөлүктөрдү сатып алууга, автотранспорт каражаттарын оңдоого жана тейлөөгө 333,1 миң сом суммасында берилген, анын ичинен 61,3 миң сом суммасында ГАЗ-33021 автомашинасын, 55,5 миң сом суммасында “Тойота Ноах” автомашинасын жана 216,3 миң сом суммасында “Субара Оутбек” автомашинасын оңдоого жана тейлөөгө сарпталган.

Жогоруда көрсөтүлгөн чыгымдарга тастыктоочу документтер (дефекттик актылар жана аткарылган иштердин актылары (орнотуулардын актылары) аудитке берилген эмес.

**Корутунду**

Отчет берүүчү адамдардан аванстык очетторду кабыл алууда жана чыгымдарды эсептен чыгарууда Коом тарабынан Коомдун Эсеп саясатынын талаптары сакталган эмес, б.а. тастыктоочу документтери жок автомашиналарды оңдоо жана техникалык тейлөө үчүн 333,1 миң сомдук жүргүзүлгөн чыгымдар (дефекттик актылар жана аткарылган иштердин актылары, орнотуулардын актылары) эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана чыгымдарды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптары сакталсын.

- Тастыктоочу документтери: дефекттик актылар жана аткарылган иштердин актылары (орнотмолордун актылары) жок болгондугуна карабастан автомашинаны оңдоо жана техникалык тейлөө үчүн 333,1 миң сомдук чыгымдарды эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**2022-жылдын бюджетинин аткарылышы**

«Учкун» ААКсынын 2022-жылга бюджетинин киреше бөлүгү 68 500,0 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде:

- Сатуудан түшкөн каражат-48 500,0 миң сом;

- Операциялык иштерден башка кирешелер-20 000,0 миң сом.

«Учкун» ААКсынын 2022-жылга бюджетинин чыгаша бөлүгү 65 724,0 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде:

1.Операциялык чыгымдар-40 333,3 миң сом;

2. Башка операциялык чыгымдар-5 500,0 миң сом;

3. Административдик чыгымдар - 17 791,0 миң сом;

4. Салыктар (пайда салыгын эсепке албаганда) - 2 100,0 миң сом;

Салык төлөнгөнгө чейинки пайда 2 776,0 миң сом суммасында жана пайда салыгы 277,6 миң сом суммасында бекитилген.

2022-жылдын бюджетине ылайык 2 498,4 миң сом суммасында пайда алуу пландаштырылган.

Капиталдык салым 250,0 миң сом суммасында бекитилген.

Аудитке берилген №2 формасы "Финансы-чарбалык иштин жыйынтыктары жөнүндө" отчетуна ылайык бюджеттин иш жүзүндө аткарылышы 2022-жыл үчүн 104 778,9 миң сомду түзгөн, б.а. 154,2%-га аткарылган, анын ичинде:

- Сатуудан түшкөн каражат - 60 885,1 миң сом, б.а. 125,5%-га аткарылган. Сатылган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркы 75 004,2 миң сомду түзгөн. Дүң чыгым 14 119,1 миң сомду түзгөн (терс);

- Операциялык иштерден башка кирешелер – 43 893,7 миң сом, б.а. 219,5%-га аткарылган. Операциялык иштен башка чыгашалар-6 573,1 миң сом. Операциялык иштерден түшкөн башка кирешелердин жыйынтыгы 37 320,7 миң сомду түзгөн;

- Операциялык чыгымдар - 28 764,4 миң сом;

- Операциялык эмес иштерден чыгымдар-4 284,5 миң сом (терс);

- Башка операциялык эмес чыгымдар – 2 227,9 миң сом;

- Салыкты эсептен чыгарганга чейинки зыяндар-9 847,3 миң сом;

- Пайдага салык боюнча чыгашалар - 815,6 миң сом (терс).

Коомдун 2022-жылдагы финансы-чарбалык ишинин жыйынтыгында 9031,7 миң сом зыян менен чыккан.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы тарабынан №55/9703524877049 төлөм тапшырмасы менен финансылык колдоо көрсөтүү максатында 2022-жылдын 30-декабрында "Айыл банк" ААКдагы "Учкун" ААКсынын алыш-бериш эсебине 100 000 миң сом которулган, анын ичинен 90171,3 миң сом суммасындагы каражат басма жабдууларын сатып алууга жумшалган.

Бюджеттин киреше бөлүгүнүн болжолдонгон көрсөткүчүнүн азайышынын негизги себептери болуп төмөнкүлөр саналат:

- аянттарды жана бөлмөлөрдү ижарага берүү жана "Кумтөр" ЖАКнун бөлүмдөрүно ижарага берүү азайгандыгы, 2022-жылдын апрелинен тартып "Кумтөр" ЖАКнун башка жерге көчүрүүдөн акча каражаттарынын түшүүсүнүн олуттуу азайышы, б.а. бул уюмдун ижара акысынан "Учкун" ААК мурда жыл сайын 30 500,0 миң сом өлчөмүндө киреше алып турган;

- 17.12.2021-жылындагы Кыргыз Республиксынын Президентинин Жарлыгына №565 ылайык "Мамлекеттик маанидеги документтерди жана атайын мамлекеттик бланктарды даярдоо маселелери жөнүндө" мамлекеттик маанидеги документтерди, бланктарды, КР жаранынын инсандыгын ырастоочу документтерди жана КР атайын мамлекеттик бланктарын, анын ичинде катуу эсепке алуу жана отчеттуулук документтеринин бланктарын бирден-бир даярдоочу болуп "Госрнак" ЖЧК аныкталган, б.а. 2021-жылы бул ишмердиктен "Учкун" ААКсы 100 000,0 миң сомго чейин киреше алган.

**Аныкталды жана Корутунду**

2022-жылга бюджетти түзүүдө 2021-жылга бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышы эсепке алынган эмес, б.а. 2021-жылга бюджеттин киреше бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышы 164 662,2 миң сом суммасында, ал эми 2022-жылга 68 500,0 миң сом суммасында каралган, 2021-жылга фактыдан четтөө 96 162,2 миң сом суммасын түзгөн. 2022-жылга өндүрүштүк план, пландык көрсөткүчтөр боюнча бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча эсептөөлөр аудитке берилген эмес.

Бирок, 2022-жылга бюджет «Учкун» ААКсынын акционерлеринин жылдык жалпы чогулушунун 12.04.2022-жылдагы протоколу менен бекитилген жана таризделген.

**Сунуштама**

- Тиешелүү финансылык жылга бюджетти бекитүүдө өткөн жыл үчүн бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн иш жүзүндө аткарылышы эске алынсын.

- Жыл сайын өндүрүштүк планды жана пландык көрсөткүчтөр боюнча бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүгү боюнча эсептөөлөр түзүлсүн.

## Кассалык операциялардын аудити

01.01.2022-жылга карата Коомдун кассасындагы акча каражаттарынын калдыгы 2 843,9 миң сомду түзгөн. 2022-жылы Коомдун кассасына 25 015,6 миң сом суммасында накталай акча каражаттары келип түшкөн, кассадан 25 583,8 миң сом суммасында накталай акча каражаттары берилген. 31.12.2022-жылга карата кассадагы калдык 2 275,7 миң сомду түзгөн.

13.03.2023-жылга карата кассадагы накталай акча каражаттарынын калдыктарын капысынан алууда ашыкча чыгуулар жана кем чыгуулар аныкталган эмес.

## Банктык операциялардын аудити

2022-жылы акча операцияларын жүргүзүү үчүн төмөнкү алыш-бериш эсептери иштеген:

1. улуттук валютада (сом):

- 1170703532400244 "ЭкоИсламикБанк-Центр" ФБА, Бишкек ш., БИК 117002;
- 1350100020077515 "Айыл Банк" ААК Бишкек ш., БИК 135001;
- 1360043000090907 "Керемет Банк-Чүй" ФАО, Бишкек ш., БИК 136001;
- 360043000581765 "Керемет Банк-Чүй" ФАО, Бишкек ш., БИК 136001.

01.01.2022-жылга карата эсептешүү эсептериндеги акча каражаттарынын калдыгы 12 901,9 миң сомду түзгөн. 2022-жылы улуттук валютада (сом) 342757,4 миң сом суммасында акча каражаты келип түшкөн жана 338662,2 миң сом сарпталган. 31.12.2022-жылга карата калдык 16 997,1 миң сомду түзгөн.

2. чет элдик валютада (росс.рубль жана АКШ доллары, сом эквивалентинде эсептелет):

- 1350100020077515 "Айыл Банк" ААК Бишкек ш., БИК 135001;
- 1360040007980205 ФАО "Россия Инвестициялык Банкы-Чүй" Бишкек ш., БИК 136004;
- KG16ECBI002000703532 "ЭкоИсламикБанк-центр" ФБА, Бишкек ш., БИК 117002.

## Кызматкерлердин эмгек акысын жана башка кошумча төлөөлөрдүн аудити

«Учкун» ААКсынын 2022-жылга карата штаттык ырааттамасы «Учкун» ААКсынын Башкы директорунун 04.01.2022-жылдагы №01 буйругу менен бекитилген, штаттык саны 186 бирдик, анын ичинде административдик башкаруу кызматкерлери 23,5 бирдик. Өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен 2022-жылдын ичинде 31.12.2022-жылга карата штаттык саны 168,5 бирдикти түзгөн.

01.01.2022-жылга карата иштегендердин иш жүзүндөгү саны 148 кызматкерди түзгөн, 2022-жылы 26 кызматкер кабыл алынган жана 33 кызматкер иштен алынган, 31.12.2022-жылга карата иштегендердин иш жүзүндөгү саны 141 кызматкерди түзгөн. Кадрлардын алмашуусу 28,9%.

«Учкун» ААКсынын түзүмү 01.09.2022-жылы өзгөртүлүп башкы

директор тарабынан бекитилген, ага ылайык 01.09.2022-жылы 165 бирдик штаттык ырааттамасы бекитилген.

«Учкун» ААКсынын 2022-жылга бюджетинде "Эмгек акы төлөө фонду" беренеси боюнча кирешелерди корректировкалоону эске алуу менен 31 600,0 миң сом суммасында бекитилген, анын ичинде:

- операциялык чыгымдардын курамында (өндүрүштүк чыгымдар) 20 800,0 миң сом суммасында;
- административдик чыгымдардын курамында 10 800,0 миң сом суммасында.

Иш жүзүндөгү чыгымдар 43 118,9 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- операциялык чыгымдардын курамында (өндүрүштүк чыгымдар) 27 340,0 миң сом суммасында;
- административдик чыгымдардын курамында 15 778,9 миң сом суммасында.

Иш жүзүндөгү чыгашалардын пландык суммадан 11 518,9 миң сом суммасында ашып кетиши өндүрүштүк көрсөткүчтөрдүн өлчөмдөн көбөйүшү жана тиешелүү түрдө кирешелердин көбөйүшү менен түшүндүрүлөт.

01.01.2022-жылга жана 31.12.2022-жылга карата "Эмгек акы төлөө фонду" беренеси боюнча дебитордук карыз жок. 01.01.2022 - жылга карата"Эмгек акы төлөө фонду" беренеси боюнча кредитордук карыз 915,6 миң сомду, 31.12.2022-жылга карата 918,6 миң сомду түзгөн.

**Отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөрдүн аудити**

“Учкун” ААКсынын 2022-жылга бюджетинде иш сапар чыгымдарына - 100,0 миң сом суммасында жана өкүлчүлүк чыгымдарына - 120,0 миң сом суммасында бекитилген. 2022-жылы кассадан отчет берүүчү адамдарга 1 697,5 миң сом суммасында акча каражаты берилген.

**Аныкталды**

2022-жылга кассадан өкүлчүлүк чыгамдарына 79,4 миң сом суммасында акча каражаттары берилген, анын ичинен 44,5 миң сом суммасындагы авансттык отчеттордо тастыктоочу документтерсиз эсептен чыгарылган, б.а. авансстык отчеттор боюнча өкүлчүлүк чыгамдарга эсептен чыгаруу актылары тиркелген эмес ( №46 08.09.22-ж.-4,8 миң сом, №50 18.09.22-ж. - 22,0 миң сом, №74 27.10.22-ж. - 12,8 миң сом, №79 04.11.22-ж. - 4,8 миң сом).

**Корутунду**

Отчет берүүчү адамдардан авансстык отчетторду кабыл алууда жана акча каражаттарды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптары сакталган эмес, б.а. тастыктоочу документтерсиз 44,5 миң сом суммасындагы өкүлчүлүк чыгымдары эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана акча каражаттарды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактоо камсыз кылынсын.

- 44,5 миң сом суммасында өкүлчүлүк чыгымдар боюнча тастыктоочу документтерсиз отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууга жана акча каражаттарды эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

2022-жыл үчүн кассадан башка кызматтарды жана жумуштарды сатып алууга 146,9 миң сом суммасында акча каражаттары берилген, анын ичинен 10,2 миң сом суммасында тастыктоочу документтерди бербестен эсептен чыгарылган, б.а. 3 принтерди оңдоого аткарылган иштердин эсептен чыгарылышына негиз болгон документтери тиркелген эмес, №86 аванстык отчету боюнча 18.11.2022-жылдагы.

**Корутунду**

Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана кызмат алууга кеткен чыгымдарын эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптары сакталган эмес. Ошентип, тастыктоочу документтерди бербестен кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдар 10,2 миң сом суммасында эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана кызмат алууга кеткен чыгымдарын эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактоо камсыз кылынсын.

- 10,2 миң сом суммасында кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдар боюнча тастыктоочу документтерсиз отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууга жана кызмат алууга кеткен чыгымдарын эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Дебитордук жана кредитордук карыздардын аудити**

01.01.2022-жылга карата бухгалтердик эсеп боюнча 25 398,1 миң сом суммасындагы дебитордук карыз болгон.

2022-жылы алууга каралган эсептер боюнча карыздын суммасы 5 538,0 миң сомго, кызматкерлердин карызынын суммасы 1 501,0 миң сомго азайган, ал эми аванс менен төлөнгөн запастар 92 886 миң сомго көбөйгөн. Жалпысынан дебитордук карыздын суммасы 85 847,0 миң сомго көбөйгөн жана 31.12.2022-жылга карата 111 245,1 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды**

2022-жыл үчүн берилген балanska ылайык 33 жеке жана юридикалык жактар боюнча 2 439,2 миң сом суммасында мөөнөтү өткөн дебитордук карыз бар, анын ичинде эсептер боюнча:

1. "Алууга эсептер боюнча (сатып алуучулар, заказчылар)" - 1 615,4 миң сом суммасында 12 жеке жана юридикалык жактар;.

2. "Алууга каралган эсептер" (башка дебиторлор) КР Юстиция министрлигине караштуу Сот департаментинде 10,9 миң сом суммасында.

3. "Коммуналдык төлөмдөр үчүн ижарачылардын эсептери " - 31,1 миң сом суммасында 3 жеке жана юридикалык жактар.

4. "Материалдар үчүн алынуучу эсептер" -74,4 миң сом суммасында 6 жана жеке адамдар боюнча.

5. "Ижарага алууга каралган эсептер" - 383,8 миң сом суммасында 8 жеке жана юридикалык жактар боюнча.

6. "Аванс менен төлөнгөн запастар" - 323,6 миң сом суммасында 3 жеке адамга.

**Корутунду**

31.12.2022-жылга карата 2 439,2 миң сом суммасында мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыз бар, 33 жеке жана юридикалык жактар боюнча, алардын ичинен:

- сот органдары тарабынан 7 жеке жана юридикалык жактар боюнча 621,5 миң сом суммасында чечим кабыл алынган;

-26 жеке жана юридикалык жактар боюнча 1 817,7 миң сом суммасында калыбына келтирүү же өндүрүп алуу боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Мөөнөтү өтүп кеткен дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча чаралар көрүүлсүн жана 26-жеке жана юридикалык жактар менен 1 817,7 миң сом суммасында өз ара эсептешүүлөрүнүн салыштыруу актылары түзүүлсүн.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгы, "Учкун" ААК жана «Ozd Makine Saglik Urunleri Tekstil Ins. San. Tic. Ltd. Sti.» компаниясы ортосунда 2022-жылдын 7-декабрында №01/22 3 тараптуу келишим түзүлгөн. Келишимдин шарттарына ылайык жалпы суммасы 1650,0 миң еврого басма жабдууларын Кыргыз Республикасынын аймагына жеткирүү менен сатып алуу каралган. Келишимге ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы - төлөөчү, "Учкун" ААК - жүк алуучу жана «Ozd Makine Saglik Urunleri Tekstil Ins. San. Tic. Ltd. Sti.» компаниясы – сатуучу болуп эсептелинет. Келишимге ылайык, контракттын предмети болуп 10 аталыштагы 2001-жылдан баштап 2022-жылга чейинки ар кандай чыгарылган машиналарды/жабдууларды сатып алуу саналат. Контракттын шарттары боюнча төлөмдөр жана эсептешүүлөр төмөнкүлөрдү камтыйт: келишимге кол коюлгандан кийин жалпы сумманын 60%, товарлар келгенден кийин 30%, ал эми 10% машиналарды/жабдууларды чогултуп, иштөөгө киргизгенден кийин.

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгы №55/9703524877049 төлөм тапшырмасы менен 2022-жылдын 30-декабрында "Айыл банк" ААКдагы "Учкун" ААКсынын алыш-бериш эсебине 100 000,0 миң сом которулган.

Өз кезегинде «Учкун» ААКсынын "Айыл банк" ААКсындагы 30.12.2022-жылга карата эсеп-чотунун көчүрмөсүнө ылайык «Ozd Makine Saglik Urunleri Tekstil Ins. San. Tic. Ltd. Sti.» компаниясына 990,0 миң евро

же 90 171,3 миң сом которгон. Бул келишимдин жалпы суммасынын 60% түзөт.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы тарабынан 3 тараптуу келишимдин 1.1 жана 3.1.-пункттарын бузуу менен акча каражаттарын сатуучуга эмес, жүк алуучуга же болбосо "Учкун"ААКсына которулган.

**Сунуштама**

"Учкун" ААК контракттарды аткарууну контрактта каралган шарттардын талаптарына ылайык ишке ашырсын.

01.01.2022-жылга карата бухгалтердик эсепте 13 989,4 миң сом суммасында ***кредитордук карыз*** бар, анын ичинде төлөөгө карата эсептер боюнча - 1 287,9 миң сом, алынган авансы боюнча - 4 034,5 миң сом, банк кредити боюнча - 2 921,0 миң сом, төлөөгө карата салыктар боюнча - 2 885,9 миң сом, чегерилген милдеттенмелер боюнча - 2 714,0 миң сом, учурдагы милдеттенмелер боюнча - 146,1 миң сом.

Жыл ичинде төлөөгө каралган эсептер боюнча карыздын суммасы 4 164,4 миң сомго, алынган аванстар 2 473,9 миң сомго, банк кредити 5 961,9 миң сомго, учурдагы милдеттенмелер боюнча 151,9 миң сомго, чегерилген милдеттенмелер боюнча 879,8 миң сомго көбөйгөн жана төлөөгө карата салыктар 1 593,8 миң сомго азайган.

Кредитордук карыздын жалпы суммасы 12 038,1 миң сомго көбөйгөн жана 31.12.2022 - жылга 26 027,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен төлөөгө карата эсеп - чот боюнча - 5 452,3 миң сом, алынган аванс боюнча - 6 508,4 миң сом, банктык кредит боюнча - 8 882,9 миң сом, төлөөгө карата салыктар боюнча-1 292,1 миң сом, чегерилген милдеттенмелер боюнча-3 593,8 миң сом, учурдагы милдеттенмелер -298,0 миң сом.

31.12.2022-жылга карата ири кредиторлор болуп төмөнкүлөр саналат:

- Жер ресурстары боюнча мамлекеттик агенттиктин алдындагы "Кадастр" мамлекеттик мекемеси типографиялык кызмат көрсөтүүлөр үчүн алдын ала төлөө боюнча (мамлекеттик актыларды даярдоо) 3 541,3 миң сом;
- "Кумтөр Голд Компани" ЖАК ижара акысын алдын ала төлөө боюнча карыз-2 503,8 миң сом;
- "Керемет Банк" ААК кредит боюнча карыз - 8 882,9 миң сом;
- "Эмил Хан Строй" ЖЧК өндүрүштүк материалдар үчүн-1 564,2 миң сом;
- "Бишкекжылуулуктармагы" ААК жылуулук энергиясы үчүн - 1 057,5 миң сом;
- Чүй электр энергиясы үчүн Пэк - 821,9 миң сом;
- Салыктар боюнча МСИ - 1 292,1 миң сом;
- Соцфонд камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча - 3 593,8 миң сом;
- Акционерлер дивиденддер боюнча карыз - 2 608,2 миң сомду түзөт.

**Кредиттер боюнча эсептешүүлөр**

"Керемет Банк" ААК менен 17.06.2020-жылы түзүлгөн №004-221/057-2020 кредиттик келишим боюнча Коом 8 000,0 миң сом суммасында 36 айлык мөөнөткө жылдык 14% менен сырьену сатып алууга, жабдууларды оңдоого жана налог боюнча карызды төлөөгө насыя алган. Кредиттик келишимдин 2 тиркемесине ылайык, 17.06.2020-жылдан тартып, кредитти жана пайыздарды төлөө графиги түзүлгөн. Төлөө графигине ылайык 01.01.2022-жылга кредит боюнча карыздын калдыгы 2 921,0 миң сомду түзгөн, 2022-жылы 1 878,6 миң сомго төлөнүп берилген, 31.12.2022-жылга карата бул кредит боюнча карыздын калдыгы 1 042,4 миң сомду түзгөн.

Алынган насыя төмөндөгүлөргө сарпталган:

- офсеттик басма машинасы үчүн запастык бөлүктөрдү сатып алууга «Ronald Web Offset PVT.LTD» (Индия г.Фаридабад) компаниясы менен 22.06.2020-жылында түзүлгөн №218-2 келишими боюнча 1 938,7 миң сом суммасында которулган. (келишимдин жалпы суммасы 25 000 АКШ доллары);
- 230,0 миң сом суммасында лифтти оңдоо - "Лифтес" ЖЧКсына;
- 500,0 миң сом суммасында дивиденддерди төлөөгө - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонду;
- налог (НДС) боюнча 300,0 миң сом суммасында карызды жоюу - КР МСК;
- газета кагазына жана чыгымдалуучу материалдарга 4 173,6 миң сом суммасында "Индиго Трейд"ЖЧКсына;
- кызматкерлерге 540,5 миң сом суммасында эмгек акы төлөөгө;
- КММды сатып алууга 77,2 миң сом суммасында - "Шнос" ЖЧКсына;
- кагаз сатып алууга 24,6 миң сом суммасында - "Бюргер"ЖЧКсына;
- 5,6 миң сом суммасында жабдууларды оңдоого – "Лоджик" ЖЧКсы;
- башка чыгашаларга 209,8 миң сом суммасында.

17.11.2022-жылы "Керемет Банк" ААК менен түзүлгөн №004-0037997/К кредиттик келишимге ылайык Коом 8 000,0 миң сом суммасында, 36 айлык мөөнөткө, жылдык 18% менен, сырьелорду сатып алууга, жабдууларды оңдоого жана налог (НДС) боюнча карызды төлөөгө насыя алган. Кредиттик келишимдин 2 тиркемесине ылайык 17.11.2022-жылдан тартып кредитти жана пайыздарды төлөө графиги түзүлгөн. Бул Келишимдин графигине ылайык, 159,5 миң сом төлөнгөн. 31.12.2022-жылга карата карыздын калдыгы 7 840,5 миң сомду түзгөн.

Алынган насыя "Керемет Банк-Чүй" ААКФГА конвертацияланган (рублдин сомго карата курсу 1,42 рубль = 1,00 сом) жана төмөнкүлөгө которулган:

1. 2022-жылдын 18-ноябрындагы №38630 төлөм тапшырмасы менен "Гознак" АКсынын (РФ Санк-Петербург ш.) Кызылкам кагаз фабрикасы-филиалына 26.10.2022-жылдагы №482/2022 келишимине ылайык 5 050 700 орус рубли (7 041 685,94 сом) суммасында которулган. Контракттын шарттарына ылайык 1.5-пункт. "Төлөө мөөнөтү жана шарттары: 100% алдын

ала төлөө 18.11.2022-жылга чейин". Бул Келишим кол коюлган учурдан тартып 31.01.2023-жылга чейин күчүндө болот. Жеткирүү шарттарына ылайык "Товар берүүчү тарабынан даярдалышы жана сатып алуучу тарабынан 5 календардык күндүн ичинде жеткирүүчүнүн эсептешүү эсебине 100% алдын ала төлөө келип түшкөн учурдан тартып алып кетиши керек". Бул материалдык баалуулуктар №3939 25.12.2022-ж., №3940 25.12.2022-ж. жана №3948 26.12.2022-ж. товардык-накладнойлору боюнча алынган. Бардыгы 5 053 596,9 орус рублга өлчөмүндө материалдык баалуулуктарды алынган. Бул сатып алуу жөнүндө чечим 2023-жылы кабыл алынган, 2023-жылдын 16-февралындагы №35-протоколунун негизинде «Учкун» ААКсынын акционерлеринин кезексиз жалпы чогулушу тарабынан кабыл алынган.

2. 2022-жылдын 18-ноябрындагы №38633 төлөм тапшырмасы менен "Госзнак" (РФ Санк-Петербург ш.) 31.10.2022-жылдагы № 4650/2022 башкы келишимине ылайык 905 226 орус рубли (1 262 066,19 сом) суммасында которулган. Жеткирилип жаткан товардын ассортименти - "Мекен-карта" 1 даанасынын баасы 5000 доллар. Жалпы 3 даана суммасы 15 000 АКШ долларын түзөт. Келишимдин шарттарына ылайык 30% алдын ала төлөө жана 70% товарды алгандан кийин. Бул материалдык баалуулуктар 22.11.2022-жылы №08/00027778 товардык-накладнойлор боюнча 15 000 АКШ доллары суммасында алынган.

"Керемет Банк" ААКсынан алынган кредиттер боюнча карыздын жалпы суммасы 31.12.2022-жылга карата 8 882,9 миң сомду түзөт. Белгилей кетсек, 2022- жылдын 17- ноябрындагы кредиттик келишимдин шарттары боюнча кредит боюнча пайыздык төлөм 18% ды түзөт, бул мурдагы жылдагы алынган кредиттен 4%-га жогору.

## Дивиденддер боюнча эсептөөлөр

01.01.2022-жылга карата "Төлөөгө каралган дивиденддер" эсеби боюнча 905,4 миң сом суммасында карыз болгон. Кыргыз Республикасынын "Акционердик коомдор жөнүндө" Мыйзамынын 31-беренесине ылайык, акционерлердин жалпы чогулушунун 12.04.2022-жылдагы чечими менен Коомдун 2021-жыл үчүн 15 652,8 миң сом суммасындагы таза кирешеси төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

- дивиденддерди төлөөгө - 3 999,9 миң сом;
- Коомду өнүктүрүүгө-11 652,8 миң сом.

Төлөө күнү 10.08.2022-жылы жарыяланган. Коом тарабынан жарыяланган дивиденддер ар бир категориядагы акциялар боюнча, привилегиялуу акциялар (154 784 акция) 1,42 сом 1 акцияга жалпы суммасы 219 793,28 сом өлчөмүндө, жөнөкөй акциялар (2 993 707 акция) 1,2627 сом 1 акцияга жалпы суммасы 3 780 207 сом өлчөмүндө эсептелген. Жыл ичинде болгону 2 297,1 миң сом төлөнгөн. 01.01.2022-жылга эсептелген карызды эске алганда, 31.12.2022-жылга дивиденддер боюнча карыздын калдыгы 2 608,2 миң сомду түзөт, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө

караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун (мындан ары – ММБФ) алдындагы карыз - 1 500,0 миң сом жана калган сумма 1 108,2 миң сом башка акционерлерге юридикалык жана жеке жактарга.

**Транспорт каражаттарын пайдалануу аудити**

01.01.2022-жылга карата Коомдун балансында "Транспорт каражаттары" эсеби боюнча 1 604,1 миң сом суммасында транспорт каражаттары болгон жана "Транспорт каражаттарынын чегерилген амортизациясы" эсеби боюнча амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы 643,7 миң сомду түзгөн. 2022-жылы транспорт каражаттарынын кыймылы жүргүзүлгөн эмес жана 147,4 миң сом суммасында транспорт каражаттарына амортизация эсептелген. 31.12.2022-жылга карата Коомдун балансында "Транспорт каражаттары" эсеби боюнча 1 604,1 миң сом суммасында транспорт каражаттары бар жана "Транспорт каражаттарынын чегерилген амортизациясы" эсеби боюнча амортизациялык чегерүүлөрдүн суммасы 791,1 миң сомду түзөт.

**Аныкталды**

2022-жылы запастык бөлүктөрдү сатып алууга, автотранспорт каражаттарын оңдоого жана тейлөөгө 365,5 миң сом суммасында акча каражаты сарпталган, анын ичинен 168,4 миң сомго эсептен чыгаруу актыларын жана аткарылган иштердин актыларын түзбөстөн эсептен чыгарылган.

**Корутунду**

Отчет берүүчү адамдардан аванстык очетторду кабыл алууда жана чыгымдарды эсептен чыгарууда Коом тарабынан Коомдун Эсеп саясатынын талаптары сакталган эмес, б.а. 168,4 миң сом суммасында дефекттик актыларын, аткарылган иштердин актыларын жана орнотмолордун актыларын түзбөстөн автомашиналарды оңдоо жана техникалык тейлөө үчүн чыгашалар эсебинен чыгарылган.

**Сунуштама**

- Отчет берүүчү адамдардан аванстык отчетторду кабыл алууда жана чыгымдарды эсептен чыгарууда Коомдун Эсеп саясатынын талаптарын сактоо камсыз кылынсын.
- Тастыктоочу документтери: дефекттик актылар жана аткарылган иштердин актылары (орнотмолордун актылары) жок автотранспорт каражаттарын оңдоо жана техникалык тейлөө үчүн 168,4 миң сомдук чыгымдарды эсептен чыгарууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын аудити**

Коомдун 01.01.2022-жылга карата балансында баштапкы баланстык наркы 60 402,1 миң сом болгон негизги каражаттар эсептелген, топтолгон амортизациянын суммасы 110 518,1 миң сомду түзгөн. 2022-жылдын ичинде 8 007,2 миң сом суммасында негизги каражаттар келип түшкөн жана 3 813,7 миң сом суммасында негизги каражаттар эсептен чыгарылган. 2022-жылы негизги каражаттарга 2 643,3 миң сом суммасында амортизация эсептелген.

31.12.2022-жылга карата бухгалтердик баланстын маалыматтарына ылайык негизги каражаттардын баштапкы наркы 177 671,8 миң сомду, чегерилген амортизация - 113 076,2 миң сомду, балансттык (калдык) наркы - 64 595,6 миң сомду түзөт.

Аудиттин өткөрүү мезгилинде 4890 кг техникалык калдык (макулатура) кириштелген жана жеке жактарга сатылган, келип түшкөн 24,5 миң сом акча каражаты Коомдун кассасына кириштелген.

01.01.2022-жылга карата "Товардык-материалдык запастар" эсеби боюнча ТМЗдын калдыгы 20 883,5 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде 270 949,9 миң сом суммасында ТМЗ келип түшкөн, 265 121,4 миң сом суммасында ТМЗ сарпталган, 31.12.2022 - жылга карата ТМЗ жалпы калдыгы 26 712,0 миң сом, анын ичинде товарлар - 46,5 миң сом, чийки заттардын жана негизги материалдардын запастары - 24 241,6 миң сом, даяр продукция-1 636,1 миң сом, цехтик материалдар-787,8 миң сом.

**Аныкталды**

"Даяр продукция" эсеби боюнча товардык-материалдык запастардын курамында 554,9 миң сом суммасында өтүмсүз товарлар (амбардык китептер, фотоальбомдор, китептер) бар.

**Корутунду**

31.12.2022-жылга карата 554,9 миң сом суммасындагы өтүмсүз товарлар бар, бирок алар боюнча сатуу же эсептен чыгаруу боюнча иш-чаралары көрүлгөн эмес.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, 554,9 миң сом суммасындагы өтүмсүз даяр продукция боюнча маселе чечилсин.

2. Өтүмсүз продукциянын пайда болушуна жол бербөө максатында заказчылар менен кылдат иш жүргүзүлсүн, ошондой эле заказчылар менен келишим түзүүдө алдын ала төлөө маселеси каралсын.

01.01.2022-жылга карата "Көмөкчү материалдардын запастары" эсеби боюнча запастардын калдыгы 5 021,3 миң сомду түзгөн, жыл ичинде 3 671,3 миң сом суммасында запастар келип түшкөн, 4 521,6 миң сом суммасында запастар сарпталды. 31.12.2022-жылга карата запастардын калдыгы 4 171,0 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды** "Запастык бөлүктөр" эсеби боюнча "Көмөкчү материалдардын запастары" курамында 01.01.2020-жылдан тартып мурда колдонулган 42 аталыштагы өтүмсүз запастык бөлүктөр 279,2 миң сом суммасында катталган.

**Корутунду**

31.12.2022-жылга карата 279,2 миң сом суммасында мурда колдонулган өтүмсүз запастык бөлүктөр эсептелген, алар боюнча аларды сатуу же эсептен чыгаруу боюнча тиешелүү чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Өтүмсүз запастык бөлүктөрдү сатуу же эсептен чыгаруу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын сакталышына аудит**

"Учкун" ААК берген маалыматтарга ылайык, 2020-жылы товарларды сатып алууга жана кызмат көрсөтүүлөргө 34 мамлекеттик сатып алуу жүргүзүлүп, жалпы суммасы 36 242,7 миң сомго келишим түзүлгөн, анын ичинде 7 – бир этаптуу усул менен 24 178,6 миң сом суммасында, 12 -жөнөкөйлөтүлгөн усул менен 2 449,9 миң сом суммасында жана 15 - түз келишим түзүү методу менен 9 614,1 миң сом суммасында.

2021 – жылы "Учкун" ААКсы сатып алууга жана кызмат көрсөтүүлөргө 43 Мамлекеттик сатып алууну жүргүзгөн, жалпы суммасы 34064,6 миң сом, анын ичинде 9 – бир этаптуу ыкмада 23529,2 миң сом суммасында, 7 - жөнөкөйлөтүлгөн ыкмада 671,3 миң сом суммасында жана 25 түздөн-түз түзүү методу менен-9864,0 миң сом суммасында.

2022-жылы "Учкун" ААК тарабынан товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча 20 тендер өткөрүлүп, андан ары жалпы суммасы 19 937,6 миң сомго келишим түзүлгөн. Сатып алуулар "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жана 16 сатып алуулар жана уставдык капиталга катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, чарбакер коомдор тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана жүзөгө ашыруунун типтүү тартибине ылайык жүргүзүлгөн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022 – жылдын 10-июнунда №301-4 токтому менен бекитилген алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алуулар болгон.

Сатып алуулар: түздөн – түз методу менен – 16 сатып алуу, бир этаптуу усул менен - 3 сатып алуу, жөнөкөйлөтүлгөн усул менен -1 сатып алуу.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдоруна таандык болгон мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын, чарбалык коомдордун сатып алууларды уюштуруунун жана жүзөгө ашыруунун типтүү тартибин бекитүү жөнүндө" 2022- жылдын 10- июнунда №301 токтомуна ылайык, сатып алууларды уюштуруунун жана жүзөгө ашыруунун эрежелери токтомдо көрсөтүлгөн субъекттердин ички документтери менен аныкталат жана бекитилүүгө тийиш. Ушуга байланыштуу, "Учкун" ААК Директорлор кеңеши тарабынан 2022-жылдын 7-июлундагы №4 протоколу жана 2022-жылдын 6- июлундагы №55 башкы директордун буйругу менен "Учкун"ААК Мамлекеттик сатып алууларды уюштуруу жана ишке ашыруу эрежелери бекитилген.

**Аныкталды**

2020-жылы полиграфиялык товарларды жана материалдарды жеткирүү боюнча "Учкун" ААКсы менен "Индиго Трейд" ЖЧКсынын ортосунда

түзүлгөн келишимдерге ылайык, 5 келишимдин суммасы 23291,6 миң сомду түзгөн. 4 келишимдин шарттарына ылайык, берилген товарлар жана материалдар үчүн акы төлөө «Учкун» ААКсынын кампасына товарлар жеткирилгенден кийин жана товарларды кабыл алуу актысына кол коюлгандан кийин гана жүргүзүлөт. Конкурстук документтерге ылайык, жеткирилген товарлар жана материалдар кампага жеткирилгенден кийин төлөнөт.

2020-жыл үчүн бухгалтердик маалыматтарга ылайык "Төлөөгө эсеп-чот" эсеби боюнча "Индиго Трейд" ЖЧКсы тарабынан "Учкун" ААКсынын дарегине 13752,6 миң сом суммасында товарлар жана материалдар үчүн төлөөгө эсеп-чот коюлган. «Учкун» ААКсынын "Аванс менен төлөнгөн запастар" эсебине ылайык "Индиго Трейд" ЖЧКсынын эсебине 13824,4 миң сом суммасында авансык төлөмдөр жүргүзүлгөн. Ушуга байланыштуу, аудит конкурстук документациянын шарттарын жана келишимдин шарттарын бузуу менен авансык төлөмдөр каралбаган, ал эми товарларды төлөө үчүн эсептешүүлөр жеткирилгенден кийин гана жүргүзүлүүгө тийиш, "Учкун" ААК товарларды жеткирбей туруп 13464,4 миң сом суммасында авансык төлөмдөр жүргүзүлгөн деп белгилейт. 31.12.2020-жылга карата "Индиго Трейд" ЖЧКнын дебитордук карызы 2167,7 миң сомду түзгөн.

Ушундай эле фактылар 2021- жана 2022-жылдары да байкалат, 2021-жылдын бухгалтердик маалыматтарына ылайык "Индиго Трейд" ЖЧКсы тарабынан "Учкун" ААКсынын дарегине 36618,6 миң сом суммасындагы товарлар жана материалдар үчүн төлөөгө эсеп коюлган. "Аванс менен төлөнгөн запастар" эсебине ылайык "Учкун" ААК "Индиго Трейд" ЖЧКсынын эсебине 25060,3 миң сом суммасында авансык төлөмдөр жүргүзүлгөн. Ушуга байланыштуу, аудит конкурстук документациянын шарттарын жана келишимдин шарттарын бузуу менен авансык төлөмдөр каралбаган, ал эми товарларды төлөө үчүн эсептешүүлөр жеткирилгенден кийин гана жүргүзүлүүгө тийиш, "Учкун" ААК товарларды жеткирбей туруп 25060,3 миң сом суммасында авансык төлөмдөр жүргүзүлгөн деп белгилейт. 31.12.2021-жылга карата "Индиго Трейд" ЖЧКнын дебитордук карызы 2020-жылдын ушул күнүнө салыштырмалуу 119% га көбөйүп, 2589,7 миң сомду түзгөн.

2022-жыл үчүн бухгалтердик маалыматтарга ылайык "Төлөөгө эсеп-чот" эсеби боюнча "Индиго Трейд" ЖЧКсы тарабынан "Учкун" ААК дарегине 12481,6 миң сом суммасында товарлар жана материалдар үчүн төлөөгө эсеп-чот коюлган. «Учкун» ААКсынын "Аванс менен төлөнгөн запастар" эсебине ылайык "Индиго Трейд" ЖЧКсынын эсебине 11592,1 миң сом суммасында авансык төлөмдөр жүргүзүлгөн. Ушуга байланыштуу, аудит конкурстук документациянын шарттарын жана келишимдин шарттарын бузуу менен авансык төлөмдөр каралбаган, ал эми товарларды төлөө үчүн эсептешүүлөр жеткирилгенден кийин гана жүргүзүлүүгө тийиш, "Учкун" ААК товарларды жеткирбей туруп 11592,1 миң сом суммасында авансык төлөмдөр

жүргүзүлгөн деп белгилейт. "Индиго Трейд" ЖЧКнын 31.12.2022-жылга карата дебитордук карызы 1405,4 миң сомду түзгөн.

Мындан тышкары, 2020-2022-жылдар аралыгында отчет берүүчү суммалардын эсебинен "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын сактабастан мамлекеттик сатып алуулар веб-порталына маалыматтарды жайгаштырбастан 3548,4 миң сом суммасында товардык - материалдык баалуулуктар сатылып алынган, анын ичинде 2020 – жылы – 1703,5 миң сом, 2021-жылы-1388,9 миң сом жана 2022-жылы-456,0 миң сом.

**Корутунду**

"Учкун" ААК аудиттелүүчү мезгилде "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын сакталбагандыгына жол берилген.

**Сунуштама**

- Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген, уставдык капиталга катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын, чарбакер коомдордун, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдорунун сатып алууларды уюштуруунун жана жүзөгө ашыруунун типтүү тартибинин, жана "Учкун" ААК мамлекеттик сатып алууларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу эрежелеринин талаптары сакталсын;
- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын бузулушуна жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө 2021-жылы "Учкун" ААК түзгөн келишимдерде келишимдердин иштөө мөөнөтү каралбагандыгы аныкталган. Алсак, №2003055217937070 жүргүзүлгөн мамлекеттик сатып алуулардын алкагында түзүлгөн келишимде келишимдин иштөө мөөнөтү каралган эмес. Ошондой эле 2020-жылы жүргүзүлгөн мамлекеттик сатып алуулардын алкагында "Учкун" ААК жана "Индиго Трейд" ЖЧК ортосунда жалпы суммасы 12960,0 миң сомго №40 келишими 2020-жылдын 2-мартында түзүлгөн. Келишимдин 9.1-пунктка ылайык "бул Келишим кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана тараптар өзүнө алган милдеттенмелерди толук аткарганга чейин колдонулат"деп көрсөтүлөт. Ал эми 8.1-пунктка ылайык. "Жөнөтүүчү ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаса же талаптагыдай аткарбаса, сатып алуучу жеткирүүчүдөн кечиктирилген ар бир календардык күн үчүн товардын кем берилген партиясынын наркынын 0,01% өлчөмүндө, бирок товардын партиясынын наркынын 0,1% ашпаган туумду төлөөнү талап кылууга укуктуу".

"Учкун" ААКы менен жеке ишкер Исраилова А.А. №91 2021-жылдын 03-декабрындагы боекторду жана запастык бөлүктөрдү жалпы суммасы

1212,5 миң сомго жеткирүү боюнча түзүлгөн келишимде жана №86 2021-жылдын 11-ноябрындагы 2072,4 миң сомдук басма машинасынын запастык бөлүктөрүн жеткирүүгө түзүлгөн келишимдерде да жогорудагыдай кемчиликтер кетирилген.

**Корутунду**

Аудиттелген мезгилде товарларды жеткирүүгө түзүлгөн келишимдерде келишимдердин иштөө мөөнөтү каралган эмес.

**Сунуштама**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга келишим түзүүдө келишимдин колдонулушунун конкреттүү мөөнөтү каралсын.

**Аныкталды**

2021-жылы "Учкун" ААК ледеринди жана суу белгиси бар кагазды сатып алууга №210416274802386 мамлекеттик сатып алуу өткөрүлгөн. Сатып алуунун пландалган суммасы 4086,0 миң сомду түзүп, 2 лотко бөлүнгөн. «Учкун» ААКсынын квалификациялык талаптарында "акыркы жыл ичинде кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 10 миллион сомдон кем болбошу керек"деген талап белгиленген. Мында "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык сатып алуучу уюм жөнөтүүчү (подрядчы) тарабынан аткарылган иштердин тажрыйбасы жана көлөмү жөнүндө өткөрүлүүчү конкурска сатып алуу предметинин пландаштырылган суммасынан ашык талаптарды белгилөөгө укуксуз. Ушуга байланыштуу, сатып алуунун пландалган суммасы болгону 4086,0 миң сомду түзгөндүгүнө карабастан, "Учкун" ААК аталган Мыйзамдын 27-беренесинин ченемдерин бузуу менен 10,0 млн.сомго талап койгон. Сатып алуулардын жыйынтыгы боюнча №42 келишими 2021-жылдын 28-майында "Индиго Трейд"ЖЧКсы менен түзүлгөн. Корутунду квалификациялык талаптар "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесин бузуу менен белгиленген.

**Корутунду**

Квалификациялык талаптар «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесин бузуу менен белгиленген.

**Аныкталды**

2021-жылы "Учкун" ААКсы офсеттик кагазды сатып алууга № 210924300437612 мамлекеттик сатып алуу өткөргон. Сатып алуунун пландалган суммасы 6240,0 миң сомду түзгөн. «Учкун» ААКсынын квалификациялык талаптарында "лотто көрсөтүлгөн суммадан кем эмес суммадагы 3 жеткирүүдөн, келишимдерден кем эмес аткаруу тажрыйбасына ээ болуу, келишимдердин суммасы бир миллион сомдон кем болбоого тийиш"деген талап белгиленген. Мында "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык сатып алуучу уюм жөнөтүүчү (подрядчы) тарабынан аткарылган иштердин тажрыйбасы жана көлөмү жөнүндө өткөрүлүүчү конкурска сатып алуу

предметинин пландаштырылган суммасынан ашык талаптарды белгилөөгө укуксуз. Башкача айтканда, бул учурда ар бир келишимдин суммасы бир миллион сомдон кем болбошу керек деген талап негизсиз. Сатып алуулардын жыйынтыгы боюнча 17.09.2021-жылы №79 "Индиго Трейд"ЖЧК менен келишим түзүлгөн.

**Корутунду**

Квалификациялык талаптарды белгилөөдө "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралбаган талаптар "Учкун" ААКсы тарабынан белгиленген.

**Сунуштама**

- Квалификациялык талаптарды белгилөөнү сунуштоо сатып алуулар чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык ишке ашырылсын.
- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Мамлекеттик органдар өткөргөн тендерлерге «Учкун» ААКсынын катышуусу**

Берилген маалыматтарга ылайык, 2022-жылы "Учкун" ААК Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги тарабынан өткөрүлгөн №221104353699040 так отчеттуулуктагы "Кыргыз Республикасына кайтып келүүгө күбөлүк" бланктарын даярдоо боюнча "Кыргыз Республикасына кайтып келүүгө күбөлүк" тендеринин жеңүүчүсү болуп аныкталып, анын жыйынтыгы боюнча "Учкун" ААКу менен Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин ортосунда №28/87 2022- жылдын 25- ноябрында жалпы суммасы 3640,0 миң сомго даярдоого келишим түзүлгөн. «Учкун» ААКсынын жооптуу кызматкерлеринин түшүндүрмөлөрүнө ылайык, «Учкун» ААКсынын "Орлов мөөрү" технологиясы боюнча коргоочу элементти коюуга техникалык-өндүрүштүк мүмкүнчүлүгү болбогонун эске алып, катуу отчеттуулуктагы көрсөтүлгөн бланктарды даярдоо "Госзнак" ЖЧКсы, «Деловая стратегия» ЖЧКсы жана «Водяной» ЖЧКсы менен жабдууларды ижарага берүү келишимдерин түзүү жолу менен ишке ашырылган. Алсак, "Учкун" ААКсы менен "Госзнак" ЖЧКнын ортосунда түзүлгөн №122 келишимге ылайык, "Госзнак" ЖЧКсы 56000 бирдик бланкты даярдоо үчүн "Орловка мөөрү" технологиясы боюнча коргоочу элементти коюу боюнча техникалык каражаттардын жана технологиялардын комплексин "Учкун" ААКсына убактылуу пайдаланууга берген. Келишим боюнча ижара акысынын суммасы 1932,2 миң сомду түзгөн. "Учкун" ААК менен «Деловая стратегия» ЖЧКсы №121 ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, «Деловая стратегия» ЖЧКсы "Орловка мөөрү" технологиясы боюнча коргоочу элементти коюу боюнча техникалык каражаттардын жана технологиялардын комплексин "Учкун"ААКсына убактылуу пайдаланууга берген. Келишим боюнча ижара акысынын суммасы 701,7 миң сомду түзгөн. "Учкун" ААКы менен «Водяной» ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн №120

келишимге ылайык, «Водяной» ЖЧКсы "Орловская мөөр" технологиясы боюнча коргоочу элементти коюу боюнча техникалык каражаттардын жана технологиялардын комплексин "Учкун"ААКсына убактылуу пайдаланууга берген. Келишим боюнча ижара акысынын суммасы 94,0 миң сомду түзгөн. Ошентип, 56000 бирдик санындагы "Кыргыз Республикасына кайтып келүүгө күбөлүк" так отчеттуулук бланктарын даярдоо үчүн жалпы суммасы 2727,9 миң сомго жабдуулар ижарага алынган.

**Аныкталды**

«Учкун» ААКсынын кызматкерлеринин эмгек акысын эсептөөгө аудит жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 167-беренесине ылайык, бир эле жумуш берүүчүдө эмгек келишими менен шартталган өзүнүн негизги иши менен катар башка адистик, квалификация же кызмат боюнча кошумча ишти негизги ишинен бошотпостон аткарган кызматкерге кесиптерди (кызматтарды) айкалыштыргандыгы же убактылуу жок кызматкердин милдеттерин аткаргандыгы үчүн кошумча акы төлөнөрү белгиленген. Кесиптерди (кызматтарды) айкалыштыруу же убактылуу жок кызматкердин милдеттерин аткаруу үчүн кошумча төлөмдөрдүн өлчөмдөрү иш берүүчү менен макулдашуу боюнча белгиленет, бирок айкалышкан иш боюнча ставканын (маянанын) отуз пайызынан төмөн болбошу керек. Функционалдык милдеттерди убактылуу жүктөө жөнүндө органдын жетекчисинин буйругу чыгарылат жана кызматты айкалыштыруу же убактылуу жок болгон кызматчынын милдеттерин аткаруу үчүн үстөк акы каралат. Бирок, аудит жүргүзүлгөн мезгилде "Учкун" ААКда бош кызмат орундарын белгилүү үстөктөрдү төлөө менен айкалыштыруу жөнүндө буйруктар чыгарылган. Ушуга байланыштуу бош кызмат орундарын айкалыштыруу үчүн үстөктөрдү белгилөө маселелерин жөнгө салуучу нормалардын жоктугунда "Учкун" ААКсы айкалыштыруу үчүн эмгек акы: 2020-жыл үчүн 305,3 миң сом суммасында жана тиешелүү түрдө КР Социалдык фондуна чегерүүлөр 52,7 миң сомду түзгөн; 2021-жыл үчүн 534,3 миң сом суммасында жана КР Социалдык фондуна чегерүүлөр 92,2 миң сом суммасында; 2022-жылы 483,3 миң сом суммасында жана КР Социалдык фондуна чегерүүлөр 83,4 миң сом суммасында.

**Корутунду:**

Бош кызмат орундарын айкалыштыруу үчүн үстөктөрдү белгилөө маселелерин жөнгө салуучу ченем жок болгон учурда "Учкун" ААК жогоруда аталган ченемдик укуктук актыларды бузуу менен кызматкерлердин бош кызмат ордун айкалыштыруу үчүн маянасына үстөк акы 1322,9 миң сом суммасында жана 228,3 миң сом суммасында Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүү негизсиз белгиленген, анын ичинен 2020-жылы 305,3 миң сом суммасында эмгек акы жана 52,7 миң сом суммасында КР Социалдык фондуна чегерүүлөр, 2021-жылы 534,3 миң сом суммасында жана 92,2 миң сом суммасында КР Социалдык фондуна чегерүүлөр эсептелген, 2022-жылы 483,3 миң сом суммасында жана КР Социалдык фондуна чегерүүлөр 83,4 миң сом суммасында.

**Сунуштама:**

Үстөктөрдү белгилөө Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен жүргүзүлсүн.

**Ижара мамилелеринин аудити**

"Учкун" ААК берген маалыматтарга ылайык 2020-жылы «Учкун» ААКсынын имараттарын жана жайларын ижарага алууга түзүлгөн келишимдердин алкагында 46 ижара мамилеси катталган. 2020-жылдагы финансы-чарбалык иштин жыйынтыктары жөнүндө отчетко ылайык ижара кызматын сатуудан түшкөн киреше 33 450,9 миң сомду түзгөн.

2021-жылы «Учкун» ААКсынын имараттарды жана жайларды ижарага берүү боюнча түзүлгөн келишимдеринин алкагында 44 ижара мамилеси катталган. 2021-жылдагы финансы-чарбалык иштин жыйынтыктары жөнүндө отчетко ылайык ижара кызматын сатуудан түшкөн киреше 49 541,8 миң сомду түзгөн.

2022-жылы «Учкун» ААКсынын имараттарды жана жайларды ижарага берүү боюнча түзүлгөн келишимдеринин алкагында 55 ижара мамилеси катталган. 2022-жылдагы финансы-чарбалык иштин жыйынтыктары жөнүндө отчетко ылайык ижара кызматын сатуудан түшкөн киреше 36 484,5 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө аудиттелүүчү мезгил үчүн ижара төлөмдөрүнүн толук келип түшүүсүн талдоо максатында айрым ижарачылар боюнча "Учкун" ААК тарабынан ижара келишиминин шарттарын бузуу менен ижарачылар ижара акысынан бошотулгандыгы жана ижара акысы чегерилбегендиги, тиешелүү түрдө кирешелердин толук түшпөй калуу тобокелдиги табылгандыгы аныкталган.

Ижара мамилелерин тейлеген «Учкун» ААКсынын башкы директорунун орун басарынын түшүндүрмөлөрүнө ылайык, ижарачыларды акы төлөөдөн бошотуу жана ижара акысын эсептөөнү токтотуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ижара акысынан бошотуу жөнүндө буйруктун кабыл алынышы менен байланыштуу. Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Экономикалык активдүүлүктү калыбына келтирүү жана ишкердик субъекттеринин ишин колдоо боюнча 2020-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Иш-аракеттер планын бекитүү жөнүндө" 2020-жылдын 6-майында №162-б, КОВИД-19 вирусунун таралуу мезгилинде кабыл алынган буйругуна ылайык, иш токтоп калган учурларда мамлекеттик мүлктү ижарага алуунун бардык келишимдери боюнча ижара акысынан бошотууну караган иш-чара аныкталган. Баланс кармоочу "Учкун" ААКу тарабынан ижарага алынган объекттин жабылышы жөнүндө акт түзүү зарыл болгон, ал иштин токтотулгандыгын тастыктаган. Көрсөтүлгөн буйрукка ылайык, ижара акысынан бошотуу тегерек кат же Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондунун чечими түрүндө ишке ашырылышы керек болчу. Ошол эле учурда "Учкун" ААКу тарабынан объекттин жабылышы жөнүндө иштин токтотулгандыгын тастыктаган актылар түзүлгөн эмес жана аудитке

Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондунун тиешелүү чечимдери берилген эмес. Мындан тышкары, "Учкун" ААК тарабынан ижара акысын төлөөдөн бошотууну караган ички тескөө документтери чыгарылган эмес.

Жогоруда айтылгандарга кошумча катары, "Учкун" ААК тарабынан иштин токтотулушуна байланыштуу ижара акысынан бошотулган ижарачылардын дарегине ижарачыларга ижара акысын эсептөө токтотулган мезгил үчүн коммуналдык кызматтарга акы төлөө үчүн эсеп коюлгандыгы белгиленет, бул ижарачылардын иши токтотулган жок деп эсептөөгө негиз берет. Мисалга алсак, 01.01.2020 – жылдагы №0-1 ижарага берүүчү менен жеке ишкер А.Ф. Икрамов (мындан ары-ижарачы) ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, имаратты ижарага алган ижарачыга салыктарды эске алуу менен айына 163 984,7 сом суммасында ижара акысы белгиленген. Көрсөтүлгөн Келишимге ылайык ижара акысын эсептөө 2020-жылы салыктарды эске алуу менен 1 967,7 миң сомду түзүшү керек болчу, мында иш жүзүндө "Учкун" ААК тарабынан болгону 1036,8 миң сомго же 930,9 миң сомго аз эсептелген. Ошентип, берилген маалыматтарга ылайык, Ижарачы 2020-жылдын апрель-май май айлары үчүн КОВИД-19 вирусу тараган мезгилде жана ижарачы 2020-жылдын август, сентябрь, ноябрь жана декабрь айларында берген арызына ылайык акы төлөөдөн бошотулган. Бирок, аудит ижарачынын 2020-жылдын август, сентябрь, ноябрь жана декабрь айларындагы ижара жайындагы иши токтотулган эмес деп белгилейт.

Ижарачынын дарегине коммуналдык кызматтарды төлөө август айы үчүн коюлган эсеп-фактураларга ылайык - 32273 сом (электр энергиясы үчүн 29695 сом), сентябрь айы үчүн – 48671 сом (электр энергиясы үчүн 44590 сом), ноябрь айы үчүн – 50771 сом (электр энергиясы үчүн 47529 сом) жана декабрь айы үчүн-30655 сом (электр энергиясы үчүн 28550 сом) түзгөн. Бул жагдайлар ижарачынын ижара жайындагы иши токтотулбаганын көрсөтүп турат.

Буга байланыштуу, ижарачыны 2020-жылдын август, сентябрь, ноябрь жана декабрь айлары үчүн ижара акысынан бошотуу «Учкун» ААКсынын болжолдуу 575,4 миң сом суммасындагы кирешесинин жоголушуна алып келгендиги белгиленет.

Ошондой эле, 2021-жылы "Учкун" ААК тарабынан 2021-жылдын январь айында ижарага алынган жайды пайдалангандыгы үчүн А.Ф. Икрамовдун ижара акысы эсептелген эмес, буга байланыштуу "Учкун" ААКсынын кирешелеринин жоготуулары эсептик түрдө 143,8 миң сом суммасында аныкталган.

Баяндалгандарга байланыштуу аудит 2020-жылдын август, сентябрь, ноябрь жана декабрь айлары жана 2021-жылдын январь айы үчүн ижара акысынан бошотуу "Учкун" ААКсынын бюджетинин ушул ижара мамилеси боюнча 2020-жылы эсептик 575,4 миң сомго жана 2021-жылы эсептик түрдө 143,8 миң сомго жоготууларына алып келди деп эсептейт.

01.01.2020-жылдагы түзүлгөн №О-12 ижарачы "Учкун Энейшнс" ЖЧКсы (мындан ары-ижарачы) түзүлгон келишимине ылайык, ижарачыга

имаратты ижарага алуу үчүн салыктарды эсепке албаганда айына 52,3 миң сом суммасында ижара акысы белгиленген. 2020-жылы ижарачы ошондой эле апрель - май айларында КОВИД-19 вирусунун жайылуу мезгилине жана ижарачынын август, сентябрь айларында берген арызына ылайык, иш жүргүзбөгөндүгү үчүн ижара акысынан бошотулган. Бирок, аудит 2020-жылдын сентябрь айында ижарага алынган жайда ижарачынын иши токтотулган эмес, анткени сентябрь айы үчүн коммуналдык кызматтарга төлөө үчүн ижарачынын дарегине коюлган эсеп-фактурага ылайык 3330 сомду (март-октябрь айларында электр энергиясын орточо керектөө 3677 сомду түзгөн) түзгөн. Буга байланыштуу, ижарачыны 2020-жылдын сентябрь айы үчүн ижара акысынан бошотуу "Учкун" ААКынын кирешесин эсептик 52,3 миң сомго жоготууга алып келген.

01.01.2020-жылдагы №О-14 түзүлгөн, ижарачы С.В. Степанов (мындан ары-ижарачы) менен түзүлгөн келишимине ылайык, ижарага алуучуга имаратты ижарага алуу үчүн салыктарды эсепке албаганда айына 38,7 миң сом суммасында ижара акысы белгиленген. 2020-жылы ижарачы ошондой эле апрель-май айлары үчүн КОВИД-19 вирусунун жайылуу мезгилине жана ижарачынын 2020-жылдын август, сентябрь жана октябрь айларында эч кандай иш-аракет жасабагандыгы жөнүндө арызына ылайык ижара акысынан бошотулган. Бирок, 2020-жылдын май айы үчүн коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн коюлган эсеп-фактурага ылайык, 4724 сом, бул май айында ижарага алынган жайда ижарачынын иши токтотулбаганын тастыктайт. Аудит 2020-жылдын сентябрь жана октябрь айларында ижарага алынган жайда ижарачынын иши токтотулган эмес деп эсептейт, сентябрь айы үчүн коммуналдык кызматтарды төлөө үчүн ижарачынын дарегине 2140 сом жана октябрь айы үчүн 1435 сом (июль - декабрь айларында электр энергиясын орточо керектөө 3891 сомду түзгөн). Жогоруда баяндалгандарга байланыштуу, аудит май, сентябрь жана октябрь айлары үчүн ижара акысынан бошотуу «Учкун» ААКсынын 2020-жылы ошол ижарачы боюнча 116,1 миң сомго эсептелген бюджетин жоготууга алып келди деп эсептейт.

**Корутунду**

Аудит тарабынан 2020-жылы ижара акысы боюнча "Учкун" ААКсынын кирешелеринин жоготуулары эсептик түрдө 743,8 миң сом суммасында жана 2021-жылы 143,8 миң сом суммасында аныкталган, бул өз кезегинде пайдага салык түрүндө республикалык бюджеттин эсептик суммасында 88,7 миң сом суммасында жоготууларга алып келген.

**Сунуштама**

2020-жылы 743,8 миң сом өлчөмүндө жана 2021-жылы 143,8 миң сом өлчөмүндө ижара акысынан кирешенин түшпөй калышына жана бюджетин жоготууга жол берген «Учкун» ААКсынын жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

Аудит тарабынан аудиттелүүчү мезгил үчүн эгерде бир ижарачыга 1 чарчы метрдин наркы 600 сом өлчөмүндө белгиленсе, айрым ижарачыларга 110 сом өлчөмүндө белгиленгени аныкталган. Аудит белгилегендей, "Учкун" ААКда ижара акысынын наркын боюнча эсептөөлөр жок жана ижарага берүү тартибин жөнгө салуучу ички документтер иштелип чыккан жана бекитилген эмес.

**Корутунду**

Ижара акысын аныктоо тартиби жана «Учкун» ААКсына тиешелүү жайларды ижарага берүүнүн тартиби жөнүндө маселени жөнгө салуучу ички документтер жок.

**Сунуштама**

Ижара акысынын наркын аныктоонун бирдиктүү тартиби жана "Учкун"ААКсынын жайларын ижарага берүүнүн тартиби маселесин жөнгө салуучу жобо иштелип чыгылсын жана бекитилсин.

## Курулуш иштеринин жана капиталдык ремонттун аудити

Аудиттелген мезгилге карата 6 922,4 миң сом суммасында имараттарга жана курулмаларга капиталдык ремонт жүргүзүлгөн, анын ичинен:

- 2021 - жылы гезит корпусунун (285,0 миң сом) жана редакциялык корпустун (809,0 миң сом) имараттарына жалпы суммасы 1 094,0 миң сом капиталдык ремонт жүргүзүлгөн;
- 2022-жылы гараждын имаратынын чатырын капиталдык оңдоого (5 350,7 миң сом) жана редакциялык корпусту оңдоого (477,7 миң сом) жалпы суммасы 5 828,4 миң сомго жүргүзүлгон. Бул аудиттин алкагында курулуш жана оңдоо иштеринин аудити (баалар, өлчөөлөр ж.б.) курулуш иштери чөйрөсүндө тиешелүү адистин жоктугунан жүргүзүлгөн эмес.

## Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалына аудит

Бухгалтердик эсеп Коомдун Эсеп саясатына ылайык жүргүзүлөт, "1С –Бухгалтерия" программасы 7.7-версиясы белгиленген.

**Аудитор** **З. А. Сатаев**